# Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борборунун

## 2023-жылга карата

# БАЯНДАМАСЫ

**МАЗМУНУ**


КИРИШ СӨЗ 3

1-БӨЛҮМ. КЫЙНООНУН АЛДЫН АЛУУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БОРБОРУНУН 2023-ЖЫЛДАГЫ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ 5

2-БӨЛҮМ. КЫЙНООДОН ЖАНА КАТААЛ МАМИЛЕДЕН ЭРКИН БОЛУУ УКУГУНУН САКТАЛЫШЫ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ КЫРДААЛГА СЕРЕП 11

2.1 Жазык сот процессинде кыйноодон жана катаал мамиледен эркин болуу укугу
A. Алдын ала тергөө баскычы 14
B. Тергөө баскычы 22
B. Соттук териштирүү баскычы 25
D. Жазаны аткаруу баскычы 28

2.2 Саламаттык сактоо тутумундагы мекемелерде кыйноодон жана катаал мамиледен эркин болуу укугу 33

2.3 Социалдык стационардык мекемелерде кыйноодон жана катаал мамиледен эркин болуу укугу 35

2.4 Балдар интернаттарынын мекемелеринде кыйноодон жана катаал мамиледен эркин болуу укугу 38

2.5 Аскердик бӨлҮктӨрдӨ кызмат ӨтӨп жаткан аскер кызматкерлеринин кыйноодон жана катаал мамиледен эркин болуу укуктарынын сакталышы боюнча сурамжылоонун натыйжалары 40

3-БӨЛҮМ. 2023-ЖЫЛДАГЫ КЫЙНОО, КАТААЛ МАМИЛЕ БОЮНЧА КАРАЛГАН АРЫЗДАРДЫН ЖАНА УЛУТТУК БОРБОРДУН АКТЫЛАРЫНЫН НАТЫЙЖАЛАРЫ

3.1 Кыйноо жана катаал мамиле жөнүндӨ Улуттук борборго келип тҮшкӨн арыздарды кароонун натыйжалары 42

3.2 Улуттук борбордун актыларын кароонун натыйжалары 46

4-БӨЛҮМ. КЫЙНООНУН ТУТУМДУК СЕБЕПТЕРИ 48

КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАР 56

2023-жылга карата ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ 60

## КИРИШ СӨЗ

Бул баяндама Кыргыз Республикасынын “Кыйноонун жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борбору жөнүндө” мыйзамынын 15-беренесинин талаптарына (мындан ары - Улуттук борбор жөнүндө мыйзам) жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 130-беренесинин 3-пунктуна ылайык даярдалды.

Жылдык баяндама Улуттук борбордун жалпылаштырылган ишине, мамлекеттик органдардын расмий маалыматтарына жана талдоо материалдарына негизделди. Баяндама кыйноо боюнча өлкөдөгү кырдаалга жалпы серепти, кыйноодон эркин болуу укугун камсыз кылуу тармагындагы тутумдук себептерди жоюу боюнча мамлекет көрүп жаткан чаралар жөнүндө маалыматтарды камтыйт, ошондой эле Улуттук борбордун жана эл аралык уюмдардын сунуштарын аткаруунун деңгээлин чагылдырат. Баяндамада айрым мамлекеттик органдар Улуттук борбор жөнүндө мыйзамдын жоболорун бузган учурлар чагылдырылды, Улуттук борбордун ыйгарым укуктарын ишке ашырууда келип чыгып жаткан кыйынчылыктар белгиленди.

Кыргыз Республикасы адам укуктары боюнча бир катар эл аралык келишимдерди, анын ичинде БУУнун Кыйноого жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазалоого каршы конвенциясын жана бул Конвенциянын Факультативдик протоколун ратификациялаган. Факультативдик протокол боюнча милдеттенмелердин алкагында 2012-жылы улуттук алдын алуучу механизм, адам укуктарын коргоо чөйрөсүндө кыйноодон эркин болуу укугун коргоо боюнча жаңы көз карандысыз мамлекеттик орган –Кыйноонун жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борбору (мындан ары – Улуттук борбор, КАУБ) түзүлгөн.

2023-жыл адам укуктарынын юбилейлик жылы катары белгиленди. 2023-жылдын 6-декабрында Бишкекте Улуттук борбор Бириккен Улуттар Уюмунун Адам укуктары боюнча жогорку комиссарынын башкармалыгынын Борбор Азиядагы аймактык бөлүмү менен кошо Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 75 жылдыгына арналган салтанаттуу иш-чара өткөрдү.

Мамлекет кыйноого каршы күрөш боюнча иш жүргүзүп жатат. Анткен менен, эркиндикти чектөө жана андан ажыратуу жайларында дене-мүчөгө зомбулук кылуу жана психологиялык кысым көрсөтүү тажрыйбасы бүгүнкү күнгө чейин уланууда. Жабык мекемелердеги өлүм фактылары өзгөчө тынчсыздандырат. Камакта кармоонун шарттарын жакшыртуу боюнча көрүлүп жаткан чараларга карабастан, эркиндикти чектөө жана андан ажыратуу жайларында эл аралык жана улуттук стандарттарга жооп берген шарттар түзүлгөнүн жана өзгөрүүлөр тутумдук мүнөзгө ээ болгонун айтууга али эрте.

Улуттук борбор өзүнүн жылдык баяндамаларында өз ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылган мыйзам бузуу фактылары тууралуу бир нече жолу билдирген. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тиешелүү токтомдорунда КАУБдун ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылууну жана кийлигишүүнү токтотуу тууралуу көрсөтмө берген. Анткен менен, мындай укук бузуу бүгүнкү күнгө чейин болуп жатат. Алсак, 2023-жылы тоскоолдук кылуу боюнча алты факты катталган. Бул укук бузууга 2019-жылы мыйзамдардан жазык жана административдик жоопкерчиликтин алынып салынышы, колдонуудагы кодекстердин тиешелүү ченемдери менен Улуттук борбор жөнүндө мыйзамдын 18-беренесинин ортосунда келип чыккан карама-каршылык жана анын натыйжасында тоскоолдук үчүн күнөөкөрлөр жазага тартылбай жатканы өбөлгө түзүүдө.

Парламенттин токтомдорунда чагылдырылган Улуттук борбордун сунуштарын, ошондой эле адам укуктары боюнча эл аралык органдардын Кыргызстанга тиешелүү сунуштарын натыйжалуу ишке ашыруу максатында, 2023-жылы мекеме аралык жумушчу

топтор мамлекеттик органдардын өкүлдөрү менен тыгыз байланышта ишмердүүлүгүн улантышты.

Бул баяндама Улуттук борбор жөнүндө мыйзамдын 15-беренесине ылайык даярдалды.

Биринчи бөлүмдө КАУБдун ишмердүүлүгү жана 2023-жылга карата негизги статистикалык көрсөткүчтөр жөнүндө маалыматтар келтирилди.

Экинчи бөлүм кылмыш иликтөө процессинин ар кандай баскычтарында кыйноодон жана катаал мамиледен эркин болуу укугу боюнча Кыргыз Республикасындагы кырдаал, тиешелүү министрликтер менен мекемелердин карамагындагы жайларда камакта кармоонун шарттары жөнүндө жалпы маалыматты, ошондой эле мөөнөттүү аскер кызматкерлеринин арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун натыйжаларын камтыйт.

Үчүнчү бөлүмдө кыйноо, катаал мамиле жөнүндө арыздарды жана Улуттук борбор 2023-жыл ичиндеги аныктаган укук бузуу фактылары боюнча актыларды кароонун натыйжалары келтирилди.

Баяндаманын төртүнчү бөлүмү кыйноонун жана катаал мамиленин уланып келе жаткан практикасынын тутумдук себептерине жана аларды жоюу боюнча сунуштарга арналды.


Корутундуда тыянактар жана кыйноо менен катаал мамилени жоюу жаатындагы кырдаалды жакшыртуу боюнча тиешелүү мамлекеттик органдар үчүн сунуштар берилди.

Баяндамага Улуттук борбордун 2023-жылга карата финансылык отчету тиркелди.


# 1-БӨЛҮМ.
# УЛУТТУК БОРБОРДУН 2023-ЖЫЛДАГЫ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

2023-жылы Улуттук борбордун өкүлдөрү эркиндикти чектөө жана андан ажыратуу жайларына **879 жолу алдын алуу иретинде барышкан, анын ичинен 836 жолу атайылап, 30 жолу ар тараптуу изилдөө максатында жана 13 жолу ар кайсы мезгил аралыгында барышкан.**

1-диаграммма. Облустар боюнча 2023-жылы жүргүзүлгөн алдын алуучу сапарлардын саны





2-диаграмма. 2023-жылы эркиндиктен ажыратуу жана чектөө жайларына алдын алуу иретинде уюштурулган сапарлардын мекемелерге караштуулугу боюнча бөлүштүрүлгөн саны (%)




Улуттук борбордун ишине тоскоолдук кылууну жана кийлигишүүнү токтотуу тууралуу КАУБдун жылдык баяндамаларында жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдорунда белгиленген Улуттук борбордун бир нече сунушуна карабастан[1], андай мыйзам бузуу бүгүнкү күнгө чейин уланып келе жатат.

[1] Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2016-жылдын 19-майындагы № 566-VI, 2018-жылдын 11-апрелиндеги № 2350-VI, 2018-жылдын 25-октябрындагы № 2670-VI, 2019-жылдын 18-сентябрындагы № 3245 -VI, 2022-жылдын 16-июнундагы № 308-VII, 2022-жылдын 16-июнундагы № 309-VII, 2022-жылдын 16-июнундагы № 318-VII, 2023-жылдын 19-апрелиндеги № 1102-VII токтомдору.


3-диаграмма. Облустар боюнча 2023-жылы катталган Улуттук борбордун ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылуу фактыларынын саны




Тоскоолдуктун бардык фактылары боюнча прокуратурага арыздар жөнөтүлүп, аларды кароонун натыйжасында бир да кызмат адамы тиешелүү жазага тартылган эмес.

Алдын алуу иретинде барган кезде аныкталган, улуттук мыйзамдарды жана гумандуу мамиленин стандарттарын жана жабык мекемелерде кармоо шарттарын бузуу фактыларынын негизинде Улуттук борбор тарабынан 142 акт түзүлгөн.

4-диаграмма. Облустар боюнча 2023-жылы түзүлгөн Улуттук борбордун актыларынын саны





5-диаграмма. Улуттук борбордун 2023-жылы ар кандай мекемелерде түзүлгөн актыларынын саны, мекемелерге караштуулугу боюнча бөлүштүрүлгөн




2023-жылы 167 арыз келип түшкөн, анын ичинен 59 кыйноо боюнча, 38 катаал мамиле, 22 камактагы канааттандырарлык эмес шарттар тууралуу даттануу болгон. Ошондой эле, жыл ичинде Улуттук борборго ар кандай маселелер боюнча жардам сурап кайрылган 140 жаран кабыл алынган. 200дөн ашык кеңеш (консультация) берилген.

Диаграмма 6. Облустар боюнча келип түшкөн арыздардын санынын катышы (%)




Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2022-жылдын 16-июнундагы №318-VII токтомунда чагылдырылган Улуттук борбордун сунуштарын натыйжалуу ишке ашыруу максатында Улуттук борбордун жана тиешелүү мамлекеттик органдардын кызматкерлеринин ичинен мекеме аралык жумушчу топ түзүү боюнча демилге көтөрүлгөн. Бул иш-чаранын алкагында бир катар жумушчу жолугушуулар жана үч тегерек стол өткөрүлдү.









1, 2, 3, 4 сүрөттөр. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдорунда белгиленген Улуттук борбордун сунуштарын ишке ашыруу боюнча мекеме аралык жумушчу топтун кеңейтилген жыйындары. Бишкек шаары, 2023-жыл 11-март, 6-апрель, 29-август жана 30-ноябрь.

Мекеме аралык жумушчу топтун натыйжалуу ишинин аркасында төмөнкү натыйжаларга жетишилди:

1. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздандыруу жана миграция министрлиги (мындан ары - ЭСКММ) 2023-жылдын 21-июнундагы № 93 “Социалдык стационардык мекемелерде жана реабилитациялык борборлордо жашап жаткан мамлекеттик кызматтан пайдалануучулардын өлүм фактылары жөнүндө Улуттук борборго токтоосуз кабарлоо боюнча нускаманы бекитүү тууралуу” буйругун чыгарган.
2. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги (мындан ары - Ички иштер министрлиги):

— “Ички иштер органдарынын режимдик объектисинин ичинде кирүү-чыгуу тартибин камсыз кылууну, анын ичинде ички иштер органдарынын режимдик объектилерине Улуттук борбордун кызматкерлери тоскоолдуксуз киришин камсыз кылууну уюштуруу жөнүндө”
— “Убактылуу кармоочу жайларда же ички иштер органдарынын мекемелеринде кармалган адамдардын өлүмү жөнүндө Улуттук борборго токтоосуз (эки сааттын ичинде) билдирүү жөнүндө” 2023-жылдын 30-майындагы № 478-рот буйругу менен тескеме жарыялаган.

3. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жаза аткаруу кызматы тарабынан (мындан ары - ЖАК) 2023-жылдын 18-майында Тескеме бекитилген[2], ага ылайык кызматтык мекемелердин тиешелүү кызматкерлерине төмөнкү милдеттер жүктөлгөн:
   - адамдын өлүмү аныкталган учурдан тартып эки сааттан кечиктирбестен Улуттук борборго билдирүү жөнөтүү;
   - Улуттук борбордун кызматкерлерин мекемеге тоскоолдуксуз кире алышын камсыз кылуу;
   - Улуттук борбордун жазуу жүзүндөгү суроо-талабы боюнча зарыл болгон маалыматтарды берүү.
4. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги соттолгондорду каттоо жана документтештирүү иштерин күчөтүүдө. Атап айтканда, өлкөдөгү ар бир Калкты тейлөө борборунда (КТБ) туулгандыгы тууралуу күбөлүк же паспорт алуу же майыптыгын белгилөө үчүн кайрылган соттолгон адамдардан документтерди кабыл алыш үчүн атайын “терезе” бөлүнгөн. Мындан тышкары, соттолгондорду документтештирүү боюнча көчмө топ түзүлгөн, анын милдетине ай сайын ЖАК мекемелерине баруу кирет.

Улуттук борбор Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин карамагында 2013-жылы түзүлгөн Адам укуктары боюнча координациялык кеңештин алкагында кыйноонун алдын алуу жана жабык мекемелерде кармоо шарттарын жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүү менен жигердүү иш алып барууда.

2023-жылы Кыргызстандагы Кыйноого каршы коалициясы менен бирге ЕККУнун Бишкектеги Программалык кеңсесинин колдоосу менен “ИИМдин убактылуу кармоочу жайларында кылмышка шектүүлөрдү жана айыпталгандарды кармоо шарттарынын атласы” деп аталган атайын изилдөөнүн экинчи этабы өткөрүлдү[3]. Изилдөөнүн натыйжалары тергөө абагында кармалган адамдардын укуктарынын сакталышынын динамикасына байкоо жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет.[4]

Улуттук борбор БУУнун Балдардын укуктары боюнча комитетине 2023-жылы альтернативдик баяндамасын алып чыкты, анда тиешелүү Конвенциянын жоболорун ишке ашыруунун актуалдуу маселелери чагылдырылган.[5]

Кыйноого жана катаал мамилеге алып келген себептерди жана шарттарды жоюуга багытталган билим берүүчү жана агартуучулук иш-чараларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу – Улуттук борбордун негизги милдеттеринин бири. 2023-жылы Улуттук борбордун кызматкерлери 65 лекция, 16 семинар, 15 тренинг, 11 тегерек стол жана 6 конференция өткөрүштү. Мындан тышкары, КАУБдун расмий сайтында жана социалдык баракчаларында 40тан ашык материал басылып, жалпыга маалымдоо каражаттарында маектер жарыяланды.

Бириккен Улуттар Уюмунун Адам укуктары боюнча Жогорку Комиссарынын

[2] Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жаза аткаруу кызматынын 2023-жылдын 19-майындагы № 100/02-750 каты.
[3] Атайын изилдөөнүн биринчи этабы Кыргызстандагы Кыйноого каршы коалиция менен биргеликте 2022-жылы жүргүзүлгөн.
[4] https://npm.kg/ru/atlas/ караңыз .
[5] Толук маалымат ушул баяндаманын 2.4 бөлүмүндө берилген.

Борбор Азиядагы Башкармалыгынын (мындан ары – БУУ АУЖКБ) аймактык кеңсесинин колдоосу менен Кыргызстандагы Кыйноого каршы коалиция менен кошо 2023-жылдын 27-июнунда Кыйноонун курмандыктарын колдоонун эл аралык күнүнө карата “Кыргызстан кыйноону жоюу жолунда: маселелер, жетишкендиктер жана келечек” аттуу тегерек стол өткөрүлгөн.




5, 6-сүрөттөр. «Кыргызстан кыйноону жоюу жолунда: маселелер, жетишкендиктер жана келечек» аттуу конференция. Бишкек, 27-июнь, 2023-жыл.

2023-жылдын 9-июнунда «Зомбулукка каршы биригели» аттуу маалымат-агартуучулук өнөктөштүктүн алкагында Улуттук борбор менен Кыргызстандагы Кыйноого каршы коалиция ЕККУнун Бишкектеги Программалык кеңсесинин колдоосу астында мамлекеттик органдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнөн турган 14 команданын катышуусунда интеллектуалдык жана көңүл ачуучу “Quiz Night” оюнун өткөрүштү.





7, 8-сүрөттөр. Интеллектуалдык жана көңүл ачуучу оюн “Quiz N ight”. Бишкек, 9-июнь, 2023-жыл.

2023-жылдын 6-декабрында Улуттук борбор БУУнун АУЖКБ менен бирге Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 75- жылдыгына арналган “2022-2024-жылдарга карата адам укуктары боюнча Кыргыз Республикасынын иш-аракеттеринин планын ишке ашыруу” деген салтанаттуу мааракe өткөрдү.





9, 10, 11-сүрөттөр. Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 75 жылдыгына арналган салтанаттуу мааракe. Бишкек шаары, 6-декабрь, 2023-жыл.

2023-жылдын 22-ноябрында ЕККУнун Бишкектеги Программалык кеңсесинин колдоосу менен Кыргызстандагы Кыйноого каршы коалиция жана Улуттук борбор ички иштер органдарынын камакка алуу жайларындагы, убактылуу кармоо изоляторлорундагы

(УКИ) жана тергөө изоляторлорундагы кармоо шарттарына жүргүзүлгөн атайын изилдөөнүн жыйынтыктарын талкуулоо боюнча тегерек стол өткөрүштү. Бул иш-чарага убактылуу кармоочу жайлардын жетекчилери, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин кызматкерлери, эл аралык жана улуттук укук коргоо уюмдарынын өкүлдөрү катышты.





12, 13, 14-сүрөттөр. Ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу жайларындагы жана ички иштер органдарынын камакка алуу жайларындагы кармоо шарттарына жүргүзүлгөн атайын изилдөөнүн жыйынтыктарын талкуулоо боюнча тегерек стол. Бишкек шаары 22-ноябрь 2023-жыл.

2023-жылдын март айында Улуттук борбор “Бир дүйнө – Кыргызстан” коомдук фонду менен кошо Кыргызстандагы Универсалдуу мезгилдүү баяндаманы (УМБ) алга жылдыруу боюнча кыскача баяндамасын иштеп чыгып, БУУнун Адам укуктары боюнча кеңешине тапшырган.

2023-жылдын июль-август айларында Улуттук борбор Коопсуздук тилкесин башкаруу боюнча Женева борборунун колдоосу менен милдеттүү аскердик кызмат өтөө учурунда жарандык, саясий, экономикалык жана социалдык укуктардын сакталыш деңгээлин аныктоо максатында мөөнөттүү кызматтагы аскерлерден сурамжылоо жүргүзгөн[6].

Кылмыш-жазык процессинде Адам укуктарын коргоо боюнча «ARTICLE-9» ассоциациясы менен бирге төмөнкү темалар боюнча алты талдама тилкат (Policy paper) даярдалган:

- «Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жаза аткаруу кызматынын мекемелеринде оор дартка чалдыккан адамдардын укуктарын камсыз кылуу боюнча маселелер»[7]
- "Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жаза аткаруу кызматынын мекемелериндеги өлүм-житим",[8]
- «Стамбул протоколунун принциптерин ишке киргизүү боюнча Кыргызстандын тажрыйбасы: жыйынтыктар жана келечектер»,[9]
- "Кылмыш-жазык процессинде аялдар туш болгон кыйынчылыктар"[10]
- "Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин убактылуу кармоочу жайларында шектүүлөрдү, алгач кармалган адамдарды кармоонун мөөнөттөрүнүн бузулушу"[11]
- « Кыргыз Республикасындагы кыйноонун курмандыктарына кенемте төлөө жана келтирилген зыяндын ордун толуктоо маселелери».[12]

Ошондой эле «ARTICLE-9»дун колдоосу менен, жигердүү социалдык маанилүү темалар, мыйзам бузуу боюнча алты тематикалык атайын макала даярдалды:

---

6 https://npm.kg/wp-content/uploads/2023/04/Opros-soldat-srochnoi-voennoi-sluzhby-2022__.pdf .
7 https://npm.kg/wp-content/uploads/2017/03/Voprosy-obespecheniya-prav-lits-s-tyazhelymi-zabolevaniyami-soderzhashhihsya-v-uchrezhdeniyah-v-SIN-pri-Ministerstve-yustitsii-Kyrgyz- Respubliki.pdf .
8 https://npm.kg/wp-content/uploads/2023/04/polisi-1__10.04.23-g.pdf .
9 https://npm.kg/wp-content/uploads/2023/06/polisi-2_stambulskij-protokol.pdf .
10 https://npm.kg/wp-content/uploads/2023/05/Problemy-s-kotorymi-stalkivayutsya-zhenshhiny-v-ugolovnom-protsesse-1.pdf .
11 https://npm.kg/wp-content/uploads/2023/05/polisi-5-Narushenie-srokov-soderzhaniya-v-IVS.pdf .
12 https://npm.kg/wp-content/uploads/2023/06/Polisi-8-Vozmeshhenie-vreda___.pdf .

- "Жаза аткаруу кызматынын медициналык кызматын Саламаттык сактоо министрлигине өткөрүү" [13],
- "Кылымга тете күн..." [14],
- "Бөгөт чарасы [15]"
- "Укук бузуу жана жаза [16]"
- "Жазасыздык жана өз ара жашыруу[17]"
- "Жыйноочулар" [18].

# 2-БӨЛҮМ. КЫЙНООДОН ЖАНА КАТААЛ МАМИЛЕДЕН ЭРКИН БОЛУУ УКУГУНУН САКТАЛЫШЫ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ КЫРДААЛГА СЕРЕП

## 2.1 КЫЛМЫШ-ЖАЗЫК ПРОЦЕССИНДЕ КЫЙНООДОН ЖАНА КАТААЛ МАМИЛЕДЕН ЭРКИН БОЛУУ УКУГУ

Эл аралык укук кыйноого, анын ичинде куралдуу кагылышууларда же өзгөчө кырдаалдарда кыйноого да толук тыюу салат. Бүгүнкү күндө кыйноону тыюу жана ал үчүн жазага тартууну камсыз кылуу үчүн укуктук негиздерди түзүү боюнча олуттуу кадамдар ташталды. Анткен менен кыйноо жана катаал мамиле жоюла элек жана мурдагыдай эле жазаланбастан колдонулууда.

2022-жылы ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу жайларында жана ЖАКтын тергөө абактарында жүргүзүлгөн изилдөө[19] бул көйгөйдүн масштабдуулугун тастыктады, атап айтканда, камактагы ар бир бешинчи респондент (20,6%) кыйноого жана катаал мамилеге кабылганын билдирген. Изилдөөнүн натыйжалары ошондой эле кылмышты моюнга алдырыш үчүн көпчүлүк учурларда (81,6%) кыйноо колдонулганын көрсөттү. Кыйноонун эң көп колдонулган ыкмалары: уруу жана тепкилөө, полиэтилен баштык менен тумчуктуруу, электр тогу менен уруу, муздак суу куюу, милициянын таякчасы менен зордуктоо же ошентип коркутуу, ошондой эле психологиялык зомбулук көрсөтүүнүн ар кандай ыкмалары.

Кыйноо фактысы боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом чыгаруу жана ал боюнча сот органдарына даттануу менен кайрылуу процесси чоң түйшүк бойдон калууда. Бул процесс бир нече жылга созулушу мүмкүн, эгерде сот тергөөчүнүн кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө токтомун мыйзамсыз жана негизсиз деп тааныса, андан кийин тергөөчү кайра ошондой эле токтом чыгарат.

Изилденген бардык иштер боюнча[20] бир да укук коргоо органынын кызматкери текшерүү жүргүзүлгөн учурда кызматынан четтетилген эмес. Анын да жөнү бар, анткени тергөөгө чейинки текшерүү кылмыш ишин козгобостон жүргүзүлөт. Тергөөчүлөрдүн мындай мамилеси кыйноого салган деп шек жараткан укук коргоо органдарынын кызматкерлерине кызмат абалынан пайдаланып кыйноого кабылган адамга кысым көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Күбөлөрдү суракка алуу жана медициналык далилдерди

---

[13] https://npm.kg/ru/video/.
[14] https://npm.kg/ru/video/i-dolshe-veka-dlitsya-den/ .
[15] https://npm.kg/ru/video/.
[16] https://npm.kg/ru/video/pravonarushenie-i-nakazanie/.
[17] https://npm.kg/ru/video/beznakazannost-i-krugovaya-poruka-pytki-prodolzhayutsya/.
[18] https://www.facebook.com/npm.KG/?locale=ru_RU.
[19] Атайын изилдөө «Кыйноолорду колдонуунун көрсөткүчтөрү». 2022-жыл https://npm.kg/ru/indeks-praktiki-primeneniya-pytok/
[20] http://birduino.kg/pressaru/otchet-bdk-po-delam-po-pyitkam-rekomendaczii

сактоо боюнча толук баалуу иш-чаралар жүргүзүлбөгөн, алдын-ала текшерүүнүн мөөнөттөрү жасалма түрдө ашырылган.

Мындан тышкары, кылмыш иши боюнча сотко чейинки өндүрүштө тергөө аракеттерин жүргүзүүдө жабырлануучу тергөө аракеттеринин 50% ашыгына – соттук-медициналык, соттук-психологиялык, комплекстүү соттук-психологиялык жана психиатриялык экспертизаларга; сурактарга; бетме-бет сурактарга; окуя болгон жерди кароого; жеринде көрсөтмө берүүгө ж.б.у.с. катышат. Мында прокурор же тергөөчү сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө, алардын кызматкерлеринин аракеттери боюнча түшкөн арызды, кыйноо фактысын текшерүү өтүнүчү менен ошол мекемеге жөнөтөт. Мындай кырдаалда кыйноонун курмандыгы аны кыйнаган кызматкерлер менен жолугушууга аргасыз болот, ошондуктан кайрадан стресске, басымга жана аргасыздыкка дуушар болот. Прокуратура жана тергөө органдарынын азыркы практикасы кылмыш-процессуалдык ченемдерге карама-каршы келет.

Төмөндө кыйноо боюнча кылмыш иштерин кароодогу маселелерге талдоо жүргүзүлгөн жана аларды чечүү боюнча сунуштар келтирилген.

1) <u>Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарында адам укуктары боюнча эл аралык келишимдерди колдонуу мүмкүнчүлүгү каралган эмес.</u>

Кыргыз Республикасы кыйноого таптакыр тыюу салуу жана ага каршы улуттук деңгээлде тийиштүү саясат жүргүзүү боюнча эл аралык милдеттенмелерди мойнуна алган. Алсак, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 7-беренеси кыйноого жана катаал мамилеге абсолюттук тыюу салган. Бул тыюуга ылайык, эч кандай себеп, анын ичинде жогорку кызматты ээлеген же мамлекеттик бийлик өкүлүнүн буйругу да кыйноону актоого себеп болбойт. Кыргыз Республикасынын Конституциясы кимди болбосун кыйноого жана ага адамгерчиликсиз мамиле кылууга абсолюттук тыюу салынганына кепилдик берет (56-берене). Кылмыш-жаза кодексинде кыйноо үчүн кылмыш жоопкерчилиги каралган (137-берене).

Жазык сот өндүрүшүнүн тартибин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын жоболору алар Жазык-процессуалдык кодекске киргизилген учурда гана колдонулууга тийиш.[21] Жазык-процессуалдык кодексинин 1-жана 2-беренелеринин мааниси Конституция түздөн-түз күчкө ээ экенин жана Жазык-процессуалдык кодекси да эл аралык ченемдерге жана келишимдерге негизделгенин айгинелейт. Бирок алардын кандайдыр бир күчү жөнүндө айтылган эмес. Кыргыз Республикасынын Жазык-процессуалдык кодексинин 3-беренеси жазык сот өндүрүшүнүн тартибин жөнгө салуучу улуттук мыйзамдардын жоболорун Жазык-процессуалдык кодексине киргизбестен колдонуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат.

Жазык-процессуалдык кодексинин 2-беренесинин 2-бөлүгүндө «эгерде Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери менен ушул Кодекстин мейкиндиктеги күчүнө башка эрежелер бекитилген болбосо, Кыргыз Республикасынын аймагында кылмыш жасалган жерине карабастан, жазык сот өндүрүшү ушул Кодекске ылайык жүргүзүлөт» деп эскертме берилген. Бирок бул эскертме Кодекстин мейкиндикте иштешине гана тиешелүү, бул өз кезегинде чет өлкөлүктөргө, жарандыгы жок адамдарга, эл аралык уюмдардын жана дипломатиялык кызматтардын өкүлдөрүнө карата кылмыш-жаза чараларын колдонуунун өзгөчөлүктөрүн билдирет. Бул бөлүк Жазык-процессуалдык кодекстин 4-беренеси менен да тастыкталган.

Ошентип, адам укуктары боюнча эл аралык келишимдер, принциптер жана ченемдер, эгерде алар ишти кароо учурунда анда чагылдырылган болбосо, жазык сот өндүрүшүндө колдонулушу мүмкүн эмес деп жыйынтыктоо чыгарса болот.

2) <u>Кылмыш жөнүндө билдирүү менен сотко чейинки өндүрүш башталганга чейинки аралыкта билдирүүлөрдү иргөөчү Маалыматты каттоо журналы деген кошумча механизм бар.</u>

[21]Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 1-бер.

Кыйноого кабылган адам прокуратурага, ички иштер органдарына жана улуттук коопсуздук органдарына арыз менен кайрыла алат. «Прокуратура жөнүндө» Конституциялык мыйзамдын 98-беренесинин 4-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык аскер кызматчылары, аскер кызматкерлери, аскердик кызмат өтөөгө милдеттүүлөр, аскерге чакырылгандар жана улуттук коопсуздук органдарынын кызматкерлеринен кыйноо тарткан адамдар арыз менен Аскердик прокуратурага кайрыла алышат.

Улуттук мыйзамдарда кылмыш жөнүндө түшкөн ар кандай билдирүү боюнча тергөөчү же прокурор аракет көрүшү керек болгон минималдуу талаптар Жазык-процессуалдык кодексинин 153-беренесинде белгиленген. Андан аркы тергөө аракеттери кылмыш иши козголгондон кийин гана мүмкүн болот. Жазык ишин козгоо же аны козгоодон баш тартуу жөнүндө чечим дароо, бирок сотко чейинки өндүрүштүн башталышынын себеби катталган күндөн тартып 10 күндөн кечиктирбестен кабыл алынууга тийиш. Көрсөтүлгөн мөөнөттө чечим кабыл алуу мүмкүн болбосо, бул мөөнөт тергөөчүнүн жүйөлүү токтомунун негизинде прокурор тарабынан 20 суткага чейин узартылышы мүмкүн.

Кылмыштуулук, анын ичинде кыйноо жөнүндө маалыматтарды жашыруу мүмкүнчүлүгүнө алып келген мыйзамдардын жана практиканын айрым өңүттөрүн белгилей кетүү маанилүү. Кылмыш-процессуалдык кодексинин 144-беренесине ылайык, «сотко чейинки өндүрүш тергөөгө чейинки текшерүү жана тергөө түрүндө жүргүзүлөт. Сотко чейинки өндүрүш кылмыштардын бирдиктүү реестрине маалымат киргизилген учурдан тартып иш сотко жөнөтүлгөнгө, кылмыш-жазык иши токтотулганга же кылмыш-жазык ишин козгоодон баш тартылганга чейин башталат».

Кылмыштардын бирдиктүү реестрине каттоонун тартиби «Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри жөнүндө» убактылуу жобо менен жөнгө салынган, анда маалыматты каттоо китепчеси (МКК) толтурулганын алдын ала текшерүү боюнча кошумча мүмкүнчүлүк киргизилген. Мисалы, 7-пунктка ылайык, «укук коргоо органдарынын кызматкерлери (нөөмөтчү жана нөөмөтчүнүн жардамчысы) ар кандай окуя, анын ичинде кылмыш же жорук жөнүндө маалыматты кабыл алышат жана аны маалыматты каттоо китепчесине киргизишет...», 13-пункт боюнча прокурор, тергөө бөлүмүнүн жетекчиси, иликтөө органынын жетекчиси, ошондой эле укук коргоо органынын кызмат адамы Жазык-процессуалдык кодексинде белгиленген ыйгарым укуктарына жараша прокурорго, тергөөчүгө, иликтөө органынын ыйгарым укуктуу адамына маалыматты каттоо китепчесинде катталган кылмыштар же жоруктар жөнүндө билдирүүлөрдү жана арыздарды ЖПКнин 149-беренесине ылайык токтоосуз, 24 сааттан кечиктирбестен өткөрүп берүүнү камсыз кылат жана маалыматтарды КЖБРге киргизүүгө милдеттүү. 14-пунктка ылайык эгерде маалымат китепчесинде катталган кылмыш же жосун жөнүндө маалыматтарда кылмыштын же жосун жасалганын көрсөтүүчү белгилер камтылбаса же тергөө органынын тиешелүү ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү, прокурор тарабынан 24 сааттын ичинде текшерүүдө ырасталбаса, (маалыматтарды каттоого алуу китепчесинде катталган учурдан тартып) төмөнкү чечимдердин бири кабыл алынат: 1) укук коргоо органынын кызмат адамынын корутундусунун негизинде жетекчинин же анын орун басарынын макулдугу менен кароосуз калтырылат жана тастыктоочу документтер менен бирге номенклатуралык иште (буйрукта) сакталат.

Ошентип, кыйноо тууралуу маалымат Маалыматты каттоо китепчесине киргизилген учурларда маалыматты каттаган адам сотко чейинки өндүрүш башталганга чейин эле ишти мекеменин ичинде номенклатуралык иш катары жазып салууга реалдуу мүмкүнчүлүк алат. Мындай мүмкүнчүлүктүн болушу жазык процессинин катышуучуларына иштин материалдары менен таанышууга, аракеттерге даттанууга жана жазык-процессуалдык мыйзамдарда каралган башка укуктарга мүмкүндүк бербейт. Ошондой эле Жазык-процессуалдык кодекстин 40-беренесинин негизинде «жабырлануучунун укуктары жана милдеттери жеке же юридикалык жак үчүн аны жабырлануучу деп таануу жөнүндө чечим кабыл алынган учурдан тартып келип чыгат...

Тергөөчү, сот кылмыш жасалганы жөнүндө арыз же адамды жабырлануучу катары тартуу жөнүндө арыз түшкөн учурдан тартып адамды жабырлануучу деп таанууга милдеттүү». Жогоруда айтылгандардан улам, арызды Мааалымат катталуучу китепчеге каттоодо жана ишти номенклатуралык эсепке чыгарууда арыз ээси иш жүзүндө жабырлануучунун укуктарына ээ эмес.

Тыянактар:

1. Кылмыш-жаза мыйзамдары адам укуктары боюнча эл аралык келишимдерди жазык-сот өндүрүшүндө колдонуу мүмкүнчүлүгүн караштырбайт.
2. Кылмыш жөнүндө билдирүүнүн ортосунда жана сотко чейинки өндүрүш башталганга чейин арыздарды иргөөнүн МКК түрүндөгү кошумча механизми бар. Жазык-процессуалдык мыйзамдар менен жөнгө салынбаган кылмыштар/билдирүүлөр /окуялар жөнүндө билдирүүлөрдү текшерүүнүн бул этабы, кызмат адамдарына – тергөөчүгө соттун көзөмөлүнөн тышкары текшерүү жүргүзүүгө жана иштерди кароодон чыгарууга мүмкүнчүлүк берет. Мындай механизм коррупциялык механизмдердин бири катары колдонулушу мүмкүн, ошондой эле кылмыштуулуктун /анын бетин ачуунун статистикасынын көрсөткүчтөрүн төмөндөтүш үчүн колдонулушу мүмкүн.
3. Алдын-ала текшерүү стадиясынын болушу иш жүзүндө жазык процессинин катышуучуларын улуттук мыйзамдарда жана эл аралык стандарттарда каралган процессуалдык кепилдиктерден ажыратат.
4. Кыйноо жөнүндө арыздарды алдын-ала текшерүү негизсиз узак мөөнөткө созулат, соттук-медициналык экспертизалар өз убагында эмес, денедеги жаракаттын издери жоголгон учурларда дайындалат. Мунун натыйжасында иш токтотулат. "Текшерүү-баш тартуу-жокко чыгаруу-текшерүү" айлампасы көпкө чейин созулушу мүмкүн, ошондуктан көп учурларда далилдер кайтарылгыс жоготууга учурайт.
5. Кыйноо жана катаал мамиле боюнча арыздарды тергөө натыйжасыз: тергөө узакка созулуп, сапаты начар, кыйноо жана кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу боюнча айыпталган адамдарга карата соттук териштирүү негизсиз создуктурулуп, ошол эле учурда арызденуучуларга карата репрессиялар колдонулат.
6. Натыйжалуу укуктук коргоо механизминин талаптарына ылайык келе турган, кыйноону иликтөөчү көз каранды сыз орган жок. Жазык-процессуалдык кодекстин 159-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, ден соолукка каршы кылмыштар, атап айтканда Кылмыш-жаза кодексинин 137-беренеси («Кыйноо») боюнча арыздардын басымдуу бөлүгү ички иштер органдарынын кызматкерлерине түшкөнүнө карабастан, кыйноо жөнүндө кылмыш иштери боюнча тергөө улуттук коопсуздук органдарынын жана ички иштер органдарынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлөт, ал эми УКМКнын жумушу көптүгүнөн жана жумушунун мүнөзүнөн улам кыйноо боюнча тергөө жүргүзүү алардын негизги багытына кирбейт.
7. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тергөөчүлөрдүн жоопкерчилиги жана тергөөнүн белгиленген мөөнөттөрүн бузуу үчүн жоопко тартуу толук каралган эмес.

## A. АЛДЫН-АЛА ТЕРГӨӨ БАСКЫЧЫ

КЫЛМЫШ ЖАСАГАНДЫГЫ ҮЧҮН АЙЫПТАЛГАНДАРГА ЖАНА КАРМАЛГАНДАРГА ТИЕШЕЛҮҮ КЫЙНООДОН ЭРКИН БОЛУУ УКУГУН БУЗУУ

Ички иштер органдарынын убактылуу кармоо изоляторлоруна (мындан ары - УКИ) алдын алуу иретинде барган кезде Улуттук борборго кыйноо фактылары боюнча алты арыз түшкөн, алардын бири кылмыш ишинин токтотулганына байланыштуу текшерүүдөн

алынган. Төмөндө бул арыздардын каралышынын жүрүшү боюнча кыскача маалымат берилген.

(1) Жайыл райондук ИИБи

2023-жылдын 17-апрелинде Улуттук борборго уурулук жасаганы тууралуу көрсөтмө алуу максатында, кармалган М.Д., Жайыл районунун ички иштер бөлүмүндө кыйноого алынгандыгы тууралуу маалымат түшкөн. Медициналык күбөлөндүрүүдөн өткөрүү учурунда аталган РИИБдин кызматкерлери дене-мүчөгө келтирилген зыяндын фактысын жашыруу максатында медицина кызматкерлерине жана М.Дга басым көрсөтүшкөн.

2023-жылдын 18-апрелинде М.Днын арызы Улуттук борбор тарабынан прокуратурага жөнөтүлгөн.[22] Аны менен бирге, М.Д.нын коопсуздугун камсыз кылуу маселеси боюнча Башкы прокуратурага кат жиберилген.[23]

Ошол эле күнү соттук-медициналык экспертиза дайындалып, анын 2023-жылдын 19-апрелиндеги корутундусуна ылайык, М.Д.нын буттарында жана тизе муундарында кочкул кызыл карт менен капталган, 0,5-2,5 см өлчөмдөрдө сыйрыктар аныкталган.

Бирок бир жумадан кийин тергөөгө чейинки текшерүү учурунда М.Д. арызын кароосуз калтырууну суранган тосмо арыз менен Жайыл райондук прокуратурасына кайрылган. Ден соолукка келтирилген психологиялык зыянды жана анын оордугун аныкташ үчүн 2023-жылдын 9-майына соттук-психологиялык-психиатриялык экспертиза дайындалып, ага М.Д. келген эмес.



15, 16-сүрөттөр. М.Д.нын дене-мүчөсүндөгү дене жаракатынын издери.

(2) Балыкчы шаардык ИИБи

2023-жылдын 11-апрелинде Балыкчы РИИБинин УКИсине барган учурда кармалган Ж.Э кыйноо фактылары боюнча арыз менен кайрылган. Ал Балыкчы РИИБинин имаратында кызматкерлерден катуу токмок жегенин билдирген. Улуттук борбор Ж.Энин денесинде көптөгөн кан уюган жана сыйрылган жерлерин аныкталган.

Материалдар прокуратурага өткөрүлүп берилген. Тергөөнүн жыйынтыгы боюнча Ж.Энин тосмо арызынын негизинде кылмыш ишин козгоодон баш тартылган.

[22] Улуттук борбордун 2023-жылдын 24-апрелиндеги № 13-20/144 каты.
[23] Улуттук борбордун 2023-жылдын 26-апрелиндеги № 13-20/206 каты.




17, 18-сүрөттөр. Ж.Э.нин денесиндеги жана бетиндеги дене жаракатынын издери.

(3) Ош ШИИБинин УКИси

2023-жылдын 13-майында Ош ШИИБинин УКИсине барганда А.Ш.ны кыйноо фактысы аныкталган. Ал Ош ШИИБинин 2-кабатындагы иш бөлмөсүндө аны милиция кызматкерлери полиэтилен баштык жана электр тогун колдонушуп, кыйнашканын билдирген. А.Ш. жазуу жүзүндө арыз берүүдөн баш тарткан.





19, 20-сүрөттөр. А.Ш.нын денесиндеги жана башындагы дене жаракатынын издери

(4) Сокулук райондук ИИБи

2023-жылдын 27-июлунда Сокулук РИИБинин убактылуу кармоочу жайына барган учурда Улуттук борбордун кызматкерлерине Д.А. 2023-жылдын 20-июлунда Сокулук райондук ИИБинин имаратында милиция кызматкерлери аны ичине уксус эритмеси куюлган желим баштык кийгизип кыйнашканын айтып арызданган. Анын айтымында, кыйноо түнкү саат он бирден таңкы төрткө чейин уланган.

Бул факты боюнча материалдар УКМКнын Чүй облусу боюнча башкармалыгына өткөрүлүп берилди. Бул маалымат даярдалып жаткан учурда УКМКнын жообуна ылайык, тергөөгө чейинки текшерүүнүн алкагында тергөө-иликтөө иш-чаралары жүргүзүлүп, тиешелүү экспертизалар дайындалган.




21, 22-сүрөттөр. Д.А.нын денесиндеги жаракаттардын издери.

## ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН УБАКТЫЛУУ ИЗОЛЯТОРЛОРУНДАГЫ КАРМОО ШАРТТАРЫ

Жалпы республика боюнча 45 убактылуу изолятор бар. Алардын ичинен жетөө (15,6%) жертөлөдө (Кара-Суу, Сокулук, Кызыл-Кыя, Кадамжай, Ак-Талаа, Сузак райондорунун жана Нарын шаарынын УКИлери) жайгашкан. Эки УКИ (Ала-Бука РИИБинин жана Ош ШИИБинин УКИлери) жарым-жартылай жертөлөдө жайгашкан.

Улуттук борбор жана Кыргызстандагы Кыйноого каршы коалиция тарабынан 2023-жылга карата жүргүзүлгөн "Кылмышка шектүүлөрдү жана айыпталуучуларды ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу жайларында кармоо шарттарынын атласы" аттуу атайын изилдөөнүн экинчи этабынын алкагында 36 мыйзам бузуу учуру аныкталып, алар боюнча актылар түзүлүп, тиешелүү мамлекеттик органдарга жөнөтүлгөн. Прокуратура тарабынан кароонун жыйынтыгы боюнча прокурордук чара көрүү актылары, ички иштер органынын жетекчилигине талаптар жана көрсөтмөлөр киргизилген. Бирок прокурордук чара көрүү актылары тиешелүү натыйжа бербей келе жатат, анткени ИИБдердин жетекчилиги аларды протоколдук тартипте карап, формалдуу түрдө гана тааныйт. Бир катар учурларда убактылуу кармоочу жайдын жетекчи курамына оозеки гана эскертүү берилет.

Аныкталган негизги мыйзам бузуу фактылары:

- республиканын бир да УКИсинде температуралык режим, нымдуулук, жарыктандыруу жана желдетүү ченемдери сакталбайт;
- камераларда душ кабиналары коюлган эмес;
- үч маал тамак берилбейт (Бишкек ШИИБинин УКИсинен тышкары);
- УКИлердин 13,3 пайызында санитардык түйүндөр киргизилген эмес (Сокулук, Ысык-Ата, Кемин, Москва, Жайыл, Панфилов РИИБдеринин УКИлери);
- УКИлердин 85 пайызында камераларда дааратканa жок, 7 гана УКИде даараткана камеранын ичинде жайгашкан;
- УКИлердин 29 пайызында керебет жок, камактагылар полдо же жыгач текчелерде укташат;
- УКИлердин камералары текчелер, илгичтер, урналар же столдор менен жабдылган эмес;
- УКИлердеги шокко каршы аптечкалардын 80% колдонууга жараксыз;
- сейилдөө аянтчалары жабдылган эмес: отургучтар жана спорттук шаймандар жок;
- камераларда желдетүү жана жасалма жарыктандыруу жок, дубалдар жана шыптар көгөрүп кеткен;
- душ кабиналарында муздак жана ысык суу жок;
- УКИлердин баарында камактагы аялдар үчүн алардын биологиялык өзгөчөлүктөрүнө жана муктаждыктарына ылайык атайын шарттар таптакыр жок.

Камактагылар бир катар РИИБдердин УКИлеринин шарттарын адамгерчиликсиз деп баалашат. Мисалы, жарым жертөлөдө жайгашкан Сокулук РИИБинин УКИсинин камераларында санитардык түйүндөр жок, терезелери стандартка жооп бербейт. Терезе кашектеринде айнек коюлбагандыктан камералар абдан суук.

23-сүрөт. Сокулук РИИБинин УКИсинде табигый муктаждыктарды канааттандырыш үчүн капкагы же табакчасы бар чакалар колдонулат.
24-сүрөт. Сокулук РИИБинин УКИсинин душ бөлмөсүндөгү антисанитардык абал
25-сүрөт. Сокулук РИИБинин УКИ камерасынын уктоочу жайында идиш-аяк сакталат жана тамактануу үчүн колдонулат.

Ошондой эле, ар бир жолу кармоо жайына киргизүүдө, өзгөчө алгачкы жайгаштыруу учурунда адамдарды милдеттүү медициналык күбөлөндүрүүдөн өткөрүү боюнча милдеттүү ченемдер сакталбаганы аныкталган. Мындай ченем бузуу фактылары Жалал-Абад ИИБинин УКИсинде баарынан көп катталып, анда кармалган 19 киши медициналык күбөлөндүрүүдөн өтпөгөнү боюнча актылар түзүлгөн.

№033-у формасындагы медициналык күбөлөндүрүү Нарын облусунун Жумгал жана Ак-Талаа райондорунда жүргүзүлбөйт, ал эми Лейлек, Баткен, Алай жана Араван РИИБлеринин УКИлеринде адам изоляторго киргизилген сайын өткөрүлө бербейт. Ошондой эле, №033-у медициналык формасы Саламаттык сактоо министрлигинин Токмок шаардык жана Сокулук райондук аймактык медицина мекемелеринин медицина кызматкерлери тарабынан толук көлөмдө толтурулбаганы аныкталган (толтурулган күнү жана жери, текшерип жаткан дарыгердин аты-жөнү жазылып, мөөрү басылып, колу коюлган эмес).

Улуттук борбор үч убактылуу изоляторду (Бишкек ШИИБинин, Ош жана Балыкчы ШИИБдеринин УКИлерин) кошпогондо, УКИлердин штатында бир да аял кызматкер жок экенин, бул гендердик дискриминацияга жана камактагы аялдардын укуктарынын бузулушуна алып келээрин баса белгилейт.

Үч гана изолятордун медициналык кабинети бар. Алсак, Бишкек шаардык ИИББинин УКИсинде жана Ош шаардык ИИБинин УКИсинде стандарттарга ылайык жабдылган медициналык кабинетте фельдшер иштейт. Балыкчы шаардык ИИБинин УКИсинин медпунктунда фельдшер жарым күн иштейт.

Улуттук борбор **жертөлөдө жана жарым-жартылай жертөлөдө убактылуу изоляторлорду куруунун практикасы уланып жатканына** байланыштуу мыйзам одоно бузулуп жатканына өзгөчө басым жасайт. Маселен, КАУБ Нарын облустук прокуратурасына бир нече жолу кайрылганына карабастан, ИИБдин жаңы курулуп жаткан имаратынын жер төлөсүнө УКИ жайгаштыруу пландалууда.

Өткөн жылдардагыдай эле, УКИлерде 48 сааттан ашык мыйзамсыз кармоо фактылары, ошондой эле адамдарды УКИлерде 10 суткага чейин кармоо мүмкүндүгү жөнүндөгү мыйзамдын ченемдерин туура эмес колдонуу фактылары катталган. Атап айтканда, Жалал-Абад ОИБинин УКИсинде 38 кишинин камоо мөөнөтү өтүп кеткени, бир киши мыйзамсыз кармалганы аныкталган.

Өзгөчө белгилей кетүүчү одоно мыйзам бузуу, УКМКнын Жалал-Абад облусу боюнча тергөөчүсүнүн Жалал-Абад облусунун прокуратурасы менен макулдашылган токтомунун негизинде УКМКнын Жалал-Абад облусу боюнча тергөө абагынан 9 кишини Жалал-Абад ОИИБинин УКИсине которуу болгон. Бул кармалган кишилердин өздүк иштери менен таанышкан учурда аларга карата өкүм чыгарылбаганы аныкталган. Мындан тышкары, УКМКнын тергөө изолятору (ТИЗО) менен ИИБнин УКИси бир шаардын

чегинде жайгашканын эске алганда, тергөөчүлөр токтомдордо аларды Жалал-Абад ОИИБнин УКИсине которуш үчүн Жалал-Абад шаарынын аймагында кандай тергөө иштери жүргүзүлүшү керек экенин так көрсөтүшкөн эмес. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынан келген жоопто[24] УКМКБнын тергөө изоляторунда орун жетишпегендиктен эч кандай ченем бузулбаганы айтылган. Анткен менен, УКМКБнын тергөө изолятору 28 адамга ылайыкталган, ал эми имараттын ичинде 4 кишилик убактылуу изолятор бар.

Төмөнкү мыйзам бузууларга өзгөчө көңүл буруу керек:

- 11 адамга карата кармоо протоколу, иш жүзүндө кармалган учурдан тартып 3 сааттын ичинде түзүлгөн.
- 3 адамга карата кармоо протоколу 6 сааттан 12 саатка чейинки мезгилде түзүлгөн (Кара-Суу жана Ноокат райондорунун ИИБдери).
- 9 адам иш жүзүндө кармалып, УКИге жеткирилип, протокол түзүлгөнгө чейин, автоунаада камалып отурушкан. (Ош жана Баткен шаарларынын ИИБдери, Ноокат, Өзгөн, Кара-Суу жана Лейлек райондорунун ИИБдери)
- 2 адам шектүү процессуалдык статусунда болушкан, ал эми 12 адам айыпталуучу катары УКИге киргизилген жана ТИЗОго которулушу керек эле. (Кадамжай, Сузак, Таш-Көмүр, Жалал-Абад ИИБдери)
- Кармалган адам Кадамжай РИИБнин УКИсинде 30 күн, Лейлек РИИБнин УКИсинде 42 күн, Өзгөн районунун ИИБнин УКИсинде 4 ай бою камакта болгон.
- Баткен шаардык ИИБнин УКИсинде 3 кишинин кармоо мөөнөтү 25 күн, 7 ай, 8 күн жана бир жылга созулган.

Атайын изилдөөнүн жыйынтыктары:

— Республиканын ИИБдеринин УКИлеринин көпчүлүгү азыркы учурга чейин эл аралык жана улуттук стандарттарга жооп бербейт. Бир катар УКИлер Улуттук борбордун 2022-жылы иштелип чыккан сунуштарын аткарбай келе жатышат.

— УКИлерде кармоонун мөөнөтүн мыйзамда каралган 48 сааттан ашырып жиберүү, адамдарды 10 суткага чейин кармоо мүмкүндүгү жөнүндө ченемди туура эмес чечмелөө практикасы уланууда.

— УКИлердин баары эле, ар бир жолку киргизүү-жайгаштырууда, өзгөчө, адамды изоляторго биринчи жолу жайгаштырууда милдеттүү медициналык күбөлөндүрүүдөн өткөрүү боюнча талапты аткарышпайт. №003-у медициналык формасы сапатсыз жана чала толтурулат.

Жакшы өзгөрүүлөрдү да белгилей кетиш керек. Барып кабар алганда камактагылар кармоо шарты туурасында даттанган учурлар азайганы белгиленди. Бир катар УКИлерде оңдоо иштери жүргүзүлүп, мекеменин бардык "көрүнбөгөн жерлери" эске алынып, видеокамералар орнотулган, сантехникалык жабдуу жана жылытуу системалары оңдолуп, терезе кашектери кеңейтилген, терезелерге айнектер салынган, камеранын эшиктери алмаштырылууда, тамактануу үчүн пластик идиштер, жууркан-төшөктөр жана шейшептер сатылып алынды.

## АДМИНИСТРАТИВДИК ТАРТИПТЕ КАРМАЛГАН АДАМДАРДЫН КАМАКТАГЫ ШАРТТАРЫ

2021-жылдын 28-октябрында "Укук бузуу жөнүндө" жаңы кодекс күчүнө кирген. Сот жана укук коргоо тутумунда жүргүзүлүп жаткан реформанын алкагында 2022-жылдын 7-февралында Министрлер Кабинетинин «Камак жайларынын иш тартибин жана камакка алынган адамдарды багууга карата талаптарды бекитүү жөнүндө» №55 токтому бекитилген. Бул документ менен, ошондой эле камак жайларынын иш тартиби жана камакка алынууга тийиш болгон адамдарды багуу боюнча талаптар бекитилген.

---

[24]Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын 2023-жылдын 23-майындагы № 08-04 каты

Камакка алуу укук бузуучуну коомдон обочолонтуп, ички иштер органдары аныктаган жайда кармоону түшүндүрөт. ИИБдин алдында төмөндөгүлөр түзүлөт жана иш алып барышат:

- камакка алынууга тийиш болгон адамдарды кармап туруш үчүн ИИБдердин атайын кабыл алуу пункттары (мындан ары - атайын кабыл алуу пункттары);
- камакка алынууга тийиш болгон адамдарды кармап туруш үчүн ИИБдердин аймактык бөлүмдөрүнүн нөөмөт бөлүмдөрүндөгү жайлар (мындан ары - нөөмөт бөлүмдөрүндөгү жайлар).

"Укук бузуу жөнүндө" кодекстин кабыл алынышы менен өлкөдө мурда көбүнчө айып пул менен жазаланып келген майда укук бузуу жана тартип бузуу үчүн жаза күчөтүлдү. Мисалы, административдик камакка алуу киргизилген. Тагыраак айтканда, милиция кызматкеринин мыйзамдуу талабына баш ийбеген адам соттун чечими менен эми жети суткага чейин камакка алынышы мүмкүн.[25]

Белгилей кетсек, мындай административдик камакка алуунун мөөнөтү соттук кароого чейин үч сааттан ашпоого тийиш, бирок өзгөчө учурларда бул мөөнөт 48 саатка чейин узартылышы мүмкүн.[26] Демек, адамдын күнөөлүү же күнөөсүз экендиги боюнча чечим кабыл алынганга чейин эле ал эки суткага камакка алынышы мүмкүн.

2023-жылы Улуттук борбор Кыргызстандагы Кыйноого каршы коалиция менен кошо административдик тартипте кармалгандар үчүн кармалгандардын 30 камерасына жана 2 атайын кабыл алуу пунктуна алдын алуу иретинде барган.

1-таблица. Изилдөөгө катышкан мекемелердин саны.

| № | Облусу | Саны | |
|---|---|---|---|
| | | административдик камакка алуу камералары | атайын кабыл алуу пункту |
| 1 | Чүй облусу жана Бишкек шаары | 4 | 1 |
| 2 | Ош облусу | 6 | 1 |
| 3 | Жалал-Абад облусу | - | - |
| 4 | Баткен облусу | 4 | - |
| 5 | Талас облусу | 5 | - |
| 6 | Нарын облусу | 5 | - |
| 7 | Ысык-Көл облусу | 6 | - |
| | БАРДЫГЫ | 30 | 2 |

Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча бардык жайлар камакка алуу жайларынын иш тартибине жана камакка алынууга тийиш болгон адамдарды багуу боюнча талаптарга ылайык келбегендиги белгилүү болду. Ошону менен, төмөнкү ченем бузуу фактылары аныкталган:

- Камакка кармоо жайларында ичүүчү суу жана санитардык түйүндөр жок.
- Уктоочу жай катары жыгач текчелер колдонулат.

[25] Кыргыз Республикасынын «Укук бузуу жөнүндө» кодекси. 33-берене
[26] Ошол эле жерде. 526-берене

- Төшөнчү катары болгону матрац (жайкысын) жана жууркан (кышкысын) берилет. Көбүнчө камактагылар камерада мурда камалгандардан калган жуурկандарды колдонушат.
- Жылытуу тутумдары жана желдетүү камеранын ичинде зарыл болгон микроклиматты камсыз кылбайт.
- Табигый жана жасалма жарыктандыруунун деңгээли талаптарга жооп бербейт.
- Аймактарда күнүнө бир маал тамак берилет.

Кармоо шарттарынын канааттандырарлык болбой жатканына мисал катары Бишкек шаарынын Свердлов райондук ИИБнын камак камерасын айтсак болот: дубалдын темирден жасалганы, желдетүүнүн жоктугу бөлмөдө жогорку температурада өтө нымдуулукка алып келет.




26, 27-сүрөттөр. Бишкек шаарынын Свердлов райондук ИИБинин камак камералары

Кыргыз Республикасынын ИИМинин Коомдук коопсуздук кызматынын Ыкчам башкаруу борборунун маалыматы боюнча,[27] республикада 57 ички иштер органы иштейт, алардын ар биринде административдик камак камералары бар. Мындан тышкары Бишкек жана Ош шаарларында эки кабылдап-бөлүштүргүч бар.

ИИБдеги, шаардык жана айылдык милиция бөлүмдөрүндөгү бөлмөлөр мурда атайын кабылдагычтар катары колдонулчу. Бүгүнкү күндө бул камералар ИИБдердин аймактык бөлүктөрүнүн нөөмөт бекеттериндеги жайлар сыяктуу эле колдонулбайт же башка максатта колдонулууда.

Мисалы, нөөмөт бекеттериндеги жайларда, камакка алынган адамдарды обочо кармаш үчүн кеминде үч бөлмө болушу керек.

Иш жүзүндө камакка алынган адамдарды кармаш үчүн болгону он гана ИИБдин нөөмөт бекеттеринде жайлар бар деп айтсак болот. Бирок Кадамжай райондук ИИБинен тышкары алардын баарында мындай жай бирден гана бар.

Алдын алуу иретинде барганда камтылган тогуз жайдын бири да мыйзамдын талаптарына толук жооп бербегени белгилүү болду.

Үч гана ИИБде (Ноокат, Өзгөн жана Лейлек (Разаков) райондору) белгиленген үлгүдөгү мөөр, штамп жана бланктар бар. Үч ИИБде (Кара-Суу, Кара-Кулжа жана Кадамжай райондору) маалымат берилген жок. Башка ИИБдердин мөөрү, штамптары жана бланктары жок.

ИИБдин сегиз жайынын дубалдары жалпы коридорго чектешкени талаптарды бузуу болуп эсептелет. Камак бөлмөсү жертөлөдө жайгашкандыктан жалпы коридорго чектешпеген Лейлек районунун ИИБи гана булардан айырмаланып турат.

Сегиз бөлмөнүн эшигинин туткасы сыртында гана бар. Мында Кадамжай райондук ИИБинин камак бөлмөсүнүн биринде эшиктин сыртында да, ичинде да туткасы жок.

Эшиктердин бирөө да кароо терезеси менен жабдылган эмес. Төрт ИИБдин (Араван, Кызыл-Кыя, Кадамжай жана Лейлек райондорунун) камак бөлмөлөрүнүн эшиги

[27]Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Коомдук коопсуздук кызматынын Ыкчам башкаруу борборунун 2022-жылдын 23-майындагы № 11-1/241 каты

темирден. Беш ИИБдин камак жайларында (Ноокат, Кара-Суу, Өзгөн, Кара-Кулжа жана Баткен райондорунда) эшиктин ордуна темир тор орнотулган.

Беш ИИБдин камак жайларында аба кирүүчү, чыгуучу желдетүү тутуму жок.

Бардык камак бөлмөлөрүндө уктоочу жай катары бирден гана жыгач текче орнотулган.

Бир да бөлмөдө шейшеп жок. Тогуз бөлмөнүн баарында тең төшөк аттудан матрац гана бар. Ноокат РИИБинде матрац жана жууркан, Кызыл-Кыя РИИБинде матрац жана жаздык бар.

Үч ИИБдин камак жайларынын сигнализациясы жок.

Эки облустагы административдик камактагылар үчүн камералардын 90% УКИлердин имараттарында жайгашкан, мында алардын бири да тийиштүү токтомдун талаптарына жооп бербейт.

80% инде бул максаттар үчүн уктоочу орун менен жабдылбаган бирден бөлмө бөлүнгөн. Уктоочу жай менен жабдылган эмес.

Административдик камактагылар үчүн өзүнчө шейшеп берүү каралган эмес, ал УКИ аркылуу берилет.

Камакка алынган бир да кишиге анын укуктары, анын ичинде жактоочунун кызматынан пайдалануу укугу жөнүндө маалымат берилбегени аныкталган.

Суралгандардын бир бөлүгү УКИни жана сейилдөөчү короону тазалоого тартылганын билдирди.

Жогорку Соттун расмий маалыматы боюнча,[28] 2023-жылдын 9 айында республиканын сот органдары тарабынан **1783 адам** камакка алуу түрүндөгү жазага тартылган.

Улуттук борбор административдик камакты өтөш үчүн ИИБдердин бир да камак жайы коюлган талаптарга жооп бербейт, ал эми **мындай жайларда кармоо административдик укук бузуу үчүн кармалган адамдарга карата катаал жана адамгерчиликсиз мамиле жасоо болуп саналат деген жыйынтык чыгарды**.

## B. ТЕРГӨӨ БАСКЫЧЫ

ТЕРГӨӨ БОЮНЧА КАМАКТАГЫ АДАМДАРДЫ КЫЙНОО ЖӨНҮНДӨ АРЫЗДАР

“Нельсон Мандела Эрежелери” мамлекет камакка алынгандардын ар-намысынан жана жеке адам катары баалуулугунан улам алардын баарына сый мамиле кылуу милдетин белгилейт. «Эч бир камактагы адам кыйноого же башкача катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазалоого дуушар болбошу керек, бардык камактагылар андан корголууга тийиш жана эч кандай жагдайлар андай мамилени актай албайт. Камактагылардын, кызматкерлердин, кызмат көрсөтүүчүлөрдүн жана жолугушуу үчүн келгендердин коопсуздугу жана сактыгы дайыма камсыз болушу керек» (1-эреже).

Улуттук борбордун тажрыйбасы тергелип жаткандар жаза аткаруу тутумунун изоляторлорунда камакта отурганда алардын кыйноодон жана катаал мамиледен эркин болуу укугу бузулаарын көрсөтүп турат.

(1) УКМК кызматкерлеринин кыйноосу жөнүндө арыз

Улуттук борборго Ош шаарындагы №5 ТИЗОдо кармалып тургандар кыйноого дуушар болгондугу жөнүндө маалымат келип түшкөн. Барып кабар алганда 2023-жылдын 9-октябрында саат 16:00дө Улуттук коопсуздук кызматынын кызматкерлери алты айыпталуучуну УКМКнын Ош шаарындагы имаратына алып кетишкен жана саат 21:00дө тергөө изоляторуна кайра алып келишкен. Тергөө алдындагылар кайра жеткирилгенде көптөгөн дене жаракаттары бар экендиги аныкталган, алар ТИЗОнун медициналык кызматкерлери тарабынан тиешелүү документтерге катталган.

[28] Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2023-жылдын 28-декабрындагы №01-22/2988 каты

Маектешүү учурунда тергөө алдындагылар сабоо жана кыйноо фактысын ырастап, бирок алар арыз менен кайрылуудан баш тартышкан.





28, 29, 30-сүрөттөр. Айыпталуучулардын биринин денесиндеги жаракаттын издери

(2) №4 ТИЗОдогу катаал мамиле жөнүндө арыз

Нарын шаарындагы №4 ТИЗОго кабар алып барганда соттолуучу И.Н. Улуттук борбордун кызматкерлерине абактын кызматкерлеринин катаал мамилеси жөнүндө арыз менен кайрылган. Анын айтымында, 2023-жылдын 27-апрелинде соттон кайра №4 ТИЗОго алынып келгенде аба ырайынын суук болгонуна карабай, имараттын кире беришинде, көчөдө текшерүү максатында одоно чечиндирилген. Текшерүүдөн кийин ага изолятордун кызматкерлери тарабынан атайылап бузулган (айрылган) кийимдери жана бут кийими кайтарылып берилген.

И.Ндин арызы Нарын облустук прокуратурасына жөнөтүлүп,[29] аны кароонун жыйынтыгы боюнча Жазык-процессуалдык кодексинин 27-беренесинин негизинде кылмыш ишин козгоодон баш тартылган.

ТЕРГӨӨ ИЗОЛЯТОРЛОРУНДАГЫ КАРМОО ШАРТТАРЫ

Жаза аткаруу тутумунун мекемелеринин имараттарынын, курулмаларынын жана инженердик коммуникацияларынын бардык түрлөрүнүн эскилиги негизги көйгөйлөрдүн бири болуп эсептелет. Имараттардын көпчүлүгү 60-70 жыл мурун курулган. Медициналык тейлөө тийиштүү деңгээлде көрсөтүлбөйт, тамак-аш, жашоо шарттары канааттандырарлык эмес деп бааланууда, бул бир жагынан каржылоонун жетишсиздигине байланышкан.

Төмөндө жаза-аткаруу тутумунун тергөө изоляторлорунда кармоонун стандарттары бузулгандыгынын мисалдары келтирилди.

1. Ош шаарындагы №25 мекеме (№5 ТИЗО)

Бул тергөө изолятору мындан бир кылымдан ашык мурда курулган.

№5 ТИЗОнун камераларында бир адамга эсептелген аянтка (3,25 чарчы метр) коюлган стандарттар сакталбаганы аныкталган. Тактап айтканда, 34 койкага ылайыкталган 6 камераны кароо учурунда, тергөө алдындагы 54 адам болгон. Аталган ченем бузуу боюнча мекеменин жетекчисинин атына акт түзүлгөн.[30]



31-сүрөт. №5 ТИЗОнун камераларындагы кишинин көптүгү

[29] Улуттук борбордун 2023-жылдын 29-апрелиндеги №15-20/20 каты.

[30]Улуттук борбордун 07.06.2023-ж. № 18-20-160 каты.

(2) №23 мекеме (№3 ТИЗО), Каракол шаары

Улуттук борбордун мындан мурунку жылдык баяндамаларында белгиленгендей, тергөө изоляторунун имараты колдонуу мөөнөтү аяктагандыктан жараксыз абалга келген. Бул Ысык-Көл облусунун Каракол шаарындагы мындан 105 жыл мурун, 1919-жылы курулган эң эски имарат.

Камералардын желдетилиши менен аба алмашуунун начардыгы абактагылардын ден соолугуна терс таасирин тийгизүүдө. Камераларга табигый жарык жакшы кирбейт, ал эми жасалма жарык бүт камерада бир лампочка менен чектелет. ТИЗОнун камераларында жайгашкан даараткананалардын абалы канааттандырарлык эмес экендиги белгиленди. Полго орнотулган дааратканалардын жуугуч механизмдери жок же оңдоого муктаж.

Бүгүнкү күндө изолятор шаардын борборунда, 0,80 гектар жер тилкесинде жайгашкан. Шаардын сыртына көчүрүү маселеси курчуп турат. Бул маселе КАУБнун 2021-жылга карата жылдык баяндамасында эле айтылган. Натыйжада Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 13-январындагы № 34-р токтому кабыл алынып, № 21, 25, 10 жана 23 жаза аткаруу мекемелерин шаар сыртына которуу боюнча протоколдук тапшырмалар берилген. 2022-жылдын 31-мартында Жол картасы бекитилген.

Бүгүнкү күндө жер тилкесин трансформациялоого жана коммуникациялык ылайыкташтыруунун мөөнөтү узактыгына байланышкан көйгөйлөрдөн улам №3 ТИЗОнун жаңы имаратын курууга жер тилкесин бөлүп берүү процесси бүтө элек.



32-сүрөт. №3 ТИЗОдогу жаза камерасы.



33-сүрөт. №3 ТИЗОдогу жаза камерасы.



34-сүрөт. №3 ТИЗОдогу сейилдөө короосу.



35-сүрөт. №3 ТИЗОнун башкы корпусу

(3) Бишкек шаарындагы №21 мекеме (№1 ТИЗО)

Р.Д., А.Б., Ж.М. менен К.К.нын №1 ТИЗОнун имаратынын жертөлө кабатында жайгашкан нымдуу, муздак камераларга которуу аркылуу кыйноого алынгандыгы тууралуу арызданган кайрылуусу боюнча Улуттук борбордун өкүлдөрү ал жакка атайын барган. Белгилей кетсек, мекеменин техникалык паспортунда бул кабат биринчи деп көрсөтүлгөн, бирок иш жүзүндө жертөлө.

Иш сапардын жыйынтыгы боюнча арыз ээлери отургузулган камералардагы кармоо шарттарынын, атап айтканда санитардык-гигиеналык ченемдердин бузулушу боюнча акт түзүлгөн. Маселен, нымдуулуктун жогорку деңгээли катталып, анын натыйжасында камераларда нымдуулук сезилип, дубалдардан жана шыптардан шыбактар

түшүп, бетон полдо көптөгөн жаракалар пайда болгону катталган. Иш сапар менен барган маалда, ушундай өтө канааттандырарлык эмес шарттарда изолятордун бул кабатында 242 адам жайгаштырылган.

2012-жылы Кыргызстандагы биринчи иш сапарынын жыйынтыгы боюнча БУУнун Кыйноонун алдын алуу боюнча комитетчеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө **(УКИлердеги, ТИЗОлордогу жана колониялардагы) жертөлөдө жана төмөнкү кабаттарда жайгашкан камераларды токтоосуз тез арада жабууну,** ошондой эле адамдык кадыр-баркты сыйлоо зарылдыгын эске алуу менен камакта кармоо шарттарын жакшыртуу менен эл аралык стандарттарга ылайык келтирүүнү катуу сунуш кылган. Бирок тергөө алдындагылар жана соттолгондор ушул күнгө чейин жертөлөдө жана төмөнкү кабаттарда кармалууда.

Тиешелүү акт ЖАКка жөнөтүлгөн.[31] Улуттук борбордун актысын кароонун жыйынтыгы боюнча Жаза аткаруу кызматы күзөт имаратынын төрт камерасында оңдоо иштери жана «тергөө изоляторунун камераларында мекеменин күнүмдүк тартибине ылайык санитардык гигиенаны сактоо боюнча иш-чаралар» жүргүзүлгөнү жөнүндө маалыматтарды камтыган жооп жөнөткөн. [32]





36-сүрөт. №1 ТИЗОнун төмөнкү кабатындагы камера.
37-сүрөт. №1 ТИЗОдогу камеранын дубалдары.
38-сүрөт. №1 ТИЗОдогу камеранын шыбы.

## C. СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮ БАСКЫЧЫ

Кыйноо жана катаал мамиле кармалгандан кийинки алгачкы сааттардан тартып тергөөнүн бүт баскычтарынын жүрүшүндө колдонулат. Көпчүлүк учурларда кылмыш боюнча шектүүлөрдү кармоо психологиялык басым көрсөтүү же опуза, ашыкча күч колдонуу менен коштолот. Кызмат адамдарынын мындай аракеттерин бөгөт чарасын тандоодо тиешелүү органдар акташат, ал тургай кубатташат. Жазык-процессуалдык кодекс[33] камакка алуу менен байланышпаган бөгөт чараларынын беш түрүн караштырат. Мында камакка алуу эң катаал чара болуп саналат жана өзгөчө учурларда гана колдонулушу керек. Бирок 2023-жылга карата сот статистикасы көрсөткөндөй, **кабыл алынган токтомдордун 95% бөгөт чарасы катары камакка алуу тандалган.**

Кыйноо жөнүндө арызды тергөө алдындагы жана камактагы адамдар беришет. Улуттук борбордун маалыматы боюнча, 2023-жылы ички иштер органдарынын убактылуу кармоо изоляторлорунда 9417 адам кармалса, ушул эле мезгил ичинде ЖАКтын тергөө абактарында 1556 адам кармалган. Кыйноо тууралуу даттануунун соттук териштирүү баскычына жетишине тоскоолдук кылган бөгөттөр дээрлик ар бир этапта кездешет. Мындан тышкары, жогоруда белгиленгендей, тергөөчү текшерүүнү чала жүргүзгөнү үчүн жоопкерчиликтен мыйзамдуу түрдө бошотулган. Кыйноо жөнүндө

[31] Кыргыз Республикасынын Кыйноонун алдын алуу боюнча улуттук борборунун 09.06.2023-ж. №13-20/183 каты.
[32] Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жаза аткаруу кызматынын 2023-жылдын 26-сентябрындагы № 100/02-1687 каты.
[33] Кыргыз Республикасынын Жазык-процессуалдык кодекси. 104-берене.
[34] Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2023-жылдын 28-декабрындагы №01-22/2988 каты.

арыздардын узак убакыт бою каралышы, ошондой эле соттук-медициналык экспертиза өз убагында дайындалбагандыктан маанилүү далилдердин орду толгус жоголушу олуттуу көйгөй болуп саналат.

Улуттук борборго жыл сайын кыйноо жана катаал мамиле боюнча эки жүзгө жакын арыз түшүп, алар текшерүү үчүн прокуратурага жөнөтүлөт. Кыйноонун издеринин фото далили түрүндөгү толук далилдерге, Стамбул протоколунун принциптерине толук ылайык түзүлгөн медициналык корутундуларга, ошондой эле күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүнө карабастан **90% учурларда кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом чыгарылат.**

Мында иликтөө иштери чанда гана жүргүзүлөт. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын маалыматы боюнча,[35] 2023-жылы кыйноо жана башкача катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле жана жазалоо фактылары боюнча КУКББРдин МККсына 126 арыз катталган. Тергөөгө чейинки текшерүүнүн натыйжалары боюнча:

- 104 (82,5%) материал боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынган,
- 4 материал боюнча тергөөгө чейинки текшерүү жүргүзүлүүдө,
- 18 боюнча "Кыйноо" беренеси менен эмес, ага жакындашкан, "кыйноого окшоштугу бар" беренелер боюнча кылмыш иши козголгон.

Тергөөнүн натыйжасы боюнча:

  - үч иш токтотулган,
  - экөө башка кылмыш иши менен бириктирилген,
  - эки иш боюнча тергөө жүрүп жатат
  - он бир иш мазмуну боюнча кароо үчүн сотторго жөнөтүлгөн.

Тиешелүү категориядагы кылмыш иштерин кароонун жыйынтыктарын талдоо **кыйноо боюнча иштердин көпчүлүгү аны же актоо же жазык жоопкерчилигинен бошотуу менен аяктайт деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет**. Алсак, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун маалыматы боюнча[36] 2012-жылдан 2023-жылга чейин 17 кызмат адамына карата беш гана кылмыш иши каралган – 13 адамга карата актоо өкүмү чыгарылган, эки адамга карата кылмыш жоопкерчилигине тартуу токтотулган.

Соттогу мындай кырдаал көбүнчө кылмыштын бул түрү өтө жашыруун болгонуна, көз карандысыз тергөө органынын жоктугуна жана укук коргоо менен сот органдарынын саясатташканына байланыштуу.

Тилекке каршы, кыйноо фактылары боюнча тергөөнүн натыйжасыздыгы кыйноо жөнүндөгү арыздардын жыл сайын азайышына алып келет, анткени жабырлануучулар күнөөкөрлөрдүн сөзсүз жазага тартыларына көбүнчө ишенишпейт. Акыркы он жыл ичинде бир да кызмат адамы кыйноо аракеттери үчүн соттолгон эмес.

Мындан тышкары, айрым кылмыш иштерин талдоо көрсөткөндөй, кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланган деп айыпталган адамдардын аракеттерин квалификациялоодогу каталар негизинен тергөөчүлөр, прокурорлор жана соттор, кыйноонун субъективдүү да, объективдүү да белгилерин туура эмес чечмелеп түшүнүшүнө байланыштуу. Тактап айтканда, кызмат адамдары тарабынан физикалык күч колдонуу фактысы алардын аракеттерин Кылмыш-жаза кодексинин 321-беренесине ылайык "Кызмат абалынан аша чабуу" деп кайра классификациялоого негиз болуп саналат.

*БУУнун Кыйноого каршы комитетинин Жалпы комментарийлеринин 15-пунктуна ылайык, Кыйноого каршы конвенция катышуучу мамлекеттерге алардын кызмат*

[35]Кыргыз Республикасынын Кыйноонун алдын алуу боюнча улуттук борборунун суроо-талабына Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын 2024-жылдын 10-январындагы №08-04 жообу.
[36]Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2023-жылдын 28-декабрындагы № 01-22/2988 Кыйноонун алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борборунун суроо-талабына жообу.

*адамдарынын аракеттери же аракетсиздиги үчүн эл аралык жоопкерчиликти жүктөйт. Тергөө процедуралары ресурстардын же тажрыйбанын жетишсиздигинен, бир жактуулуктун көрүнүштөрүнөн, системалык кыянаттыктын көрүнүштөрүнөн же башка олуттуу себептерден улам жетишсиз болсо, мамлекеттер тергөөнү көз карандылыксыз иликтөө комиссиясы аркылуу же башка ушул сыяктуу процедуралар аркылуу жүргүзүшү керек.*

Улуттук борбор буга чейин эле Кыргызстандагы кыйноо фактыларын иликтөө боюнча көз карандысыз орган түзүү жөнүндө сунуш киргизген.

Жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйлөрдөн тышкары, Улуттук борбор соттордун түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүү (мисалы, соттолгонду түзөтүү абагынан жатак абагына которуу) маселесин, ошондой эле катуу дартка чалдыккан соттолгондорду шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда жазадан бошотууда мыйзамдар бузулганын белгилейт. Төмөндө мисалдар келтирилди.

1) З.Н.дин иши

№8 мекемеде 2016-жылдын июнь айында Кылмыш-жаза кодексинин 247-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пункту жана 3-бөлүгүнүн 4-пункту, ошондой эле 249-берененин 1-бөлүгүндө каралган кылмышы үчүн соттун өкүмү менен 15 жылга эркинен ажыратылган З.Н. жазасын өтөп жатат. 2016-жылы ага мунапыс колдонулуп, анын негизинде жаза мөөнөтү 1/5 ге, б.а. 2 жыл 6 ай 6 күнгө кыскартылган.

Мекеменин администрациясы З.Н.дин жаза өтөп жаткандагы тартибине жакшы мүнөздөмө берип, анын эки жолу сыйланганын жана бардык жазалары аткарылганын көрсөтүп, анын түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүүнү - жатак абагына которууну сунуш кылып Чүй облусунун Москва райондук сотуна бир нече жолу кайрылган. Ошондой эле, жатак абагына которууга З.Н. эркинен ажыратууга белгиленген жазасынын мыйзамда белгиленген үчтөн эки бөлүгүн өтөп бүткөнү негиз катары көрсөтүлгөн. Атайын комиссиянын №16 протоколу менен конуш-колонияга которууга макулдук берүү жөнүндө чечим кабыл алынган.

Бирок, Чүй облусунун Москва райондук соту 2023-жылдын 3-мартындагы токтому менен **«сот З.Н.дин оңолгондугу жөнүндө мекеменин администрациясынын корутундусу менен макул эмес, анын арызы канааттандырылса социалдык адилеттик бузулат. Анткени соттолгон киши жаза мөөнөтүн өтөп жаткан мезгилде коомдук жумуштар менен алектенген эмес, өзгөчө коркунучтуу кылмыш үчүн соттолгон, бир катар жазалары бар, ошондой эле кароо учурунда өтөлө элек ири жазасы - 3 жыл, 6 ай, 2 күнү бар»** деген жүйө келтирип, мекеменин администрациясынын сунушун канааттандырган эмес**.**

2023-жылдын 20-июлунда Москва райондук соту соттолгон З.Н.дин түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүү жөнүндө №8 мекеменин администрациясынын кайрылуусун кайрадан карап чыгып, соттолгон адамдын оңолгону жөнүндө администрациянын жүйөсүнө карабастан, өз чечими менен кайрадан сунушту канааттандырбастан калтырды.

Ошону менен бирге №8 мекеменин медициналык корутундусуна ылайык, соттолгон З.Н. боордун циррозуна айланып бараткан өнөкөт вирустук С гепатити менен ооруй турганын өзгөчө белгилейбиз.

2023-жылдын 20-июлундагы З.Н.дин жактоочусу Чүй облустук сотунун соттук коллегиясына Москва райондук сотунун токтомуна каршы арыз менен кайрылган, 2023-жылдын 20-сентябрындагы аныктамасы менен сот даттанууну негизсиз, ал эми райондук соттун чечимин негиздүү жана мыйзамдуу деп тапкан. Мында соттук коллегия негиздөөчү бөлүгүндө **«соттолгон адам жаза мөөнөтүнүн бөлүгүн өтөгөнү анын түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүш үчүн шартсыз негиз боло албайт, анын оңолушу үчүн толук мөөнөттү өтөштүн кажети жок»** деп Москва райондук сотунун токтомунда көрсөтүлгөн жүйөөлөргө каршы чыгат. Ошол эле учурда, Москва райондук соту өз токтомунда баш тартууга негиз катары жазанын өтөлө элек мөөнөтүнүн көптүгүн көрсөткөн.

2) М.Н.дин иши

№27 мекемеде Кылмыш-жаза кодексинин 267-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту боюнча жасаган кылмышы үчүн 2020-жылдын сентябрь айында 12000 сом айып пул төлөө менен 10 жылга эркинен ажыратууга соттолгон М.Н. жазасын өтөп жатат. Чүй облустук сотунун 2021-жылдын 3-декабрындагы чечими менен биринчи инстанциянын өкүмү күчүндө калтырылган.

2022-жылдан баштап соттолгон М.Н. абалы оор. Сол өпкөсүн алып салган, операциядан кийин анын экинчи өпкөсү кичирейип, болжол менен 30% иштеп жатат. №27 мекеменин медициналык бөлүмүнөн алынган маалымкатка ылайык, ага «Сол тарабындагы плевропульмонэктомиядан кийинки абал. Дем алуу жетишсиздиги II-III стадия. Оң өпкөнүн плевропневмоциррозу, көлөмүнүн кескин азайышы. Өнөкөт гепатит» диагнозу коюлган.

2022-жылдын май айында Улуттук борбор тарабынан ЖАКка[37] жана №27 мекеменин жетекчисинин атына[38] М.Н.ди №31 медициналык-түзөтүү мекемесинде (МТМ) медициналык күбөлөндүрүү боюнча атайын дарыгерлик комиссиядан өткөрүүгө жолдомо берүүгө көмөктөшүү жана соттолгон М.Н.ди Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 29-ноябрындагы №488 токтому менен бекитилген оорулардын тизмесинин негизинде жазасын андан ары өтөөдөн бошотуу жөнүндө сунуш киргизүү өтүнүчү менен каттар жөнөтүлгөн.

Жаза аткаруу кызматынын 2022-жылдын 26-июлундагы жообунда[39] көрсөтүлгөндөй, 2022-жылдын 9-июлунда соттолгон М.Н. №27 мекемеден № 31 МТМге «Оң өпкөнүн плевропневмоциррозу. Кургак учук – тез басуу жана физикалык кыймыл учурунда деми кыстыгышы жөнүндө даттануу менен кайталануучу оору» диагнозу менен жаткырылган. Атайын багытталбаган сезгенүүгө каршы жана симптоматикалык дарылоодон өтүп жаткан. 2022-жылдын 14-июнунда ал ички консилиумга сунушталган. Консилиумдун корутундусу - «Кургак учук процессинин активдүүлүгү жок», клиникалык диагнозу - «Өпкөнүн чоң калдыктуу өзгөрүүлөрү менен кургак учуктан кийинки клиникалык айыгышы. Оң тараптуу плевропульмонэктомиядан кийинки абал». Соттолгон М.Н., дарыгерлердин айтымында, жазасын өтөп жаткан жериндеги медициналык бөлүмдүн дарыгеринин көзөмөлүндө болуу жөнүндө сунуш менен «канааттандырарлык абалда» чыгарылган. Ошондой эле соттолгон М.Н.нын учурдагы диагнозу ченемдик-укуктук актыларда каралган, жазаны андан ары өтөөдөн бошотуучу оор оорулардын тизмесине дал келбей тургандыгы көрсөтүлгөн.

Улуттук борбор укук колдонуу практикасында системалуу көйгөй болуп саналган жогоруда келтирилген мисалдарга өзгөчө көңүл бурууну өтүнөт.

## D. ЖАЗАНЫ АТКАРУУ БАСКЫЧЫ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ЖАЗА АТКАРУУ КЫЗМАТЫНЫН ТҮЗӨТҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕГИ КАРМОО ШАРТТАРЫ

Түзөтүү колонияларындагы (ТК) камак шарттарына байланышкан көйгөйлөр тергөө изоляторлорунун абалына окшош, эскилиги жеткен имараттар, бардык коммуникация системаларынын эскилиги, оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлбөгөндүгү жана каржылоонун начардыгы соттолгондордун социалдык турмуш шарттарына терс таасирин тийгизүүдө. Төмөндө мисалдар келтирилди.

(1) ЖАКтын №3 мекемесинин №3 жана №4 цехтеринин аймагында соттолгон он киши жашоо үчүн курулбаган жайларда жашаган. Жаза аткаруу тутумунун органдарында

[37]Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу ЖАКка Улуттук борбордун 2022-жылдын 25-майындагы № 13-20/255 каты.

[38]Улуттук борбордун 2022-жылдын 25-майындагы № 13-20/254 Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу ЖАКтын № 27 мекемесинин жетекчисинин атына каты.

[39]Жаза аткаруу кызматынын 2022-жылдын 26-июлундагы № 100/03-1241 каты.

жана мекемелеринде мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө үчүн прокуратурага акт жөнөтүлгөн.[40] Мында жогоруда аталган жайда жашагандар мекеменин администрациясы менен иштешкендиктен жана камакта кармоонун шарттарына эч кандай дооматтары жок болгондуктан, өз ыктыяры менен жашап жатканы тууралуу арыз жазышкан.



39, 40, 41-сүрөттөр. №3 мекеменин өнөр жай зонасындагы адамдар жашап жаткан жерлер

(2) №14 мекеменин (тарбиялоочу колония) төрт камерасында кармоо шарттары санитардык ченемдерге туура келбейт, бул тууралуу колониянын башчысынын атына акт түзүлдү.[41]



42, 43 сүрөт. №14 мекемедеги камералар

(3) Талас облусунун Бакай-Ата районунда жайгашкан №39 жатак абагынын көпчүлүк имараттары жана жайлары канааттандырарлык эмес абалда, алар боюнча акт түзүлдү.



44, 45, 46-сүрөттөр. №39 конуш-колониянын имараттарынын жана жайларынын абалы

ЖАЗА ИЗОЛЯТОРЛОРУНДА КАРМОО ШАРТТАРЫ,
КАМЕРАЛЫК ТИПТЕГИ ЖАЙЛАРДА ЖАНА ЖАЗЫК-АТКАРУУ ТУТУМУНУН МЕКЕМЕЛЕРИНДЕГИ СОТТОЛГОНДУН КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУЧУ ЖАЙЛАРДА

Барганда алынган маалыматтарды талдоонун негизинде жаза изоляторлорунун (ЖИЗО) жана камералык үлгүдөгү жайлардын (КҮЖ) камераларында кармоонун

[40] Улуттук борбордун 2023-жылдын 21-февралындагы № 13-20/54 каты.
[41] Улуттук борбордун 2023-жылдын 24-апрелиндеги № 13-20/119 каты.

шарттары адамгерчиликсиз жана кадыр-баркты басмырлайт деген жыйынтык чыгарууга болот.

Көпчүлүк камералар санитардык-гигиеналык нормаларга жооп бербейт. Кээ бир камераларда кол жуугуч краны жок. Дээрлик бардык жайлар оңдоого муктаж. Өрт коопсуздук эрежелери бузулган көп учурлар катталды.

(4) №1 мекемедеги (түзөтүү колониясында) жазалоо камерасында жана камералык үлгүдөгү жайларында кармоонун канааттандырарлык эмес шарттары белгиленди.





47-сүрөт. №1 мекеменин ЖИЗОсунун, КҮЖүнүн ааратканасы
48-сүрөт. №1 мекеменин ЖИЗОсунун душ бөлмөсү
49-сүрөт №1 мекеменин ЖИЗОсунун кармалгандар үчүн сейилдөө короосу

(5) ЖИЗО жайгашкан №16 мекеменин (түзөтүү колониясы) имараты жараксыз абалга келген. Дубалдарында жана пайдубалында жаракалар бар. Суу түтүктөрүнүн тутуму жана канализациясы эскилиги жеткен өтө начар абалда. ЖИЗОнун ичинде өрт коопсуздук эрежелери сакталбайт, бардык жерде электр зымдары ачык. Бир катар камераларда санитардык ченемдер сакталбайт, терезелери айнектелген эмес.





50-сүрөт. ЖИЗО жана КҮЖ жайгашкан №16 мекеменин имараты
51-сүрөт. №16 мекеменин КҮЖ камерасы
52-сүрөт. №16 мекеменин ЖИЗОсунда жана КҮЖүндө кармалгандар үчүн сейилдөө короосу

(6) №1 жана №27 мекемелердин ЖИЗОлорундагы көпчүлүк камералар, душ, санитардык түйүндөр (туалет) антисанитардык абалда. Бир катар камераларда кол жуугуч краны жок.

(7) №3 мекеменин ЖИЗОсунда раковина жок. Ичүүчү суу аккан крандын чоргосу түздөн-түз ааратканнанын үстүндө жайгашкан.




53, 54-сүрөттөр. №3 мекеменин ЖИЗОлорунда ичүүчү суу аккан крандын чоргосу полго орнотулган ааратканнанын үстүндө жайгашкан.

(8) Камералардын көпчүлүгүндө ачык электр зымдары табылган. Терезелерде айнек жок. Эски, ийилген керебеттердин темир тору жок. Дубалдардын шыбактары жер-жерлерде урап жатат. Камералардын полдору бетон, полу жабылган эмес (№ 1, 8, 27 мекемелер).

(9) Көпчүлүк сейилдөө короолору жамгырдан жана кардан калкалоочу чатыр менен жабдылган эмес, спорттук шаймандар жок (№ 1, 8, 31, 3, 27 мекемелер). Таштанды челектери, отургучтар коюлган эмес (№ 1, 2, 8, 9, 31, 27 мекемелер).





55-сүрөт. №8 мекеменин ЖИЗОсунда, КҮЖүндө кармалып тургандар үчүн сейилдөө короосу
56-сүрөт. №8 мекеменин ЖИЗОсунда, КҮЖүндө кармалып тургандар үчүн кышкы сейилдөө короосу

ЖАКтын маалыматы боюнча, жогоруда көрсөтүлгөн мыйзам бузуунун баары негизинен жазалоо тутумунун мамлекеттик бюджеттен жетишсиз каржыланышы менен шартталган. Алсак, каражаттарды бөлүштүрүү калдык негизинде жүзөгө ашырылат. Акыркы эки жылда эле жаза аткаруу тутуму орто эсеп менен 60% каржыланууда. Буга чейин көп жыл бою каржылоо эсептелген муктаждыктын 33-34% түзчү.

ЖАЗА АТКАРУУ ТУТУМУНУН МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ КАРМАЛЫП ТУРГАН АДАМДАРДЫН ӨЛҮМ-ЖИТИМИНИН ЖАНА МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМ АЛУУ УКУГУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2023-жылдын 19-апрелиндеги №1102-VII "Кыйноонун жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борборунун жылдык баяндамасы жөнүндө" токтому Министрлер Кабинетине өлүмүнүн болжолдуу себептерине карабастан, эркиндиктен ажыратуу жайларында кармалган адамдын өлүмүнүн ар бир фактысы жөнүндө Улуттук борборго токтоосуз маалымат берүү сунушталган.


2023-жылдын 18-майында кызматка караштуу мекемелерде кармалган адамдардын өлүм фактылары тууралуу Улуттук борборго маалымат берүү жөнүндө ЖАКтын төрагасынын буйругу чыккан. 2023-жылы КАУБга 26 билдирүү түшкөн.

- Тергөө изолятору – 5,
- Түзөтүү абагы – 20,
- Жатак абагы – 1.

2-таблица. 2023-жылы ЖАКнын мекемелеринде өлгөндөрдүн саны.

| № | ЖАКнын мекемеси | Өлгөндөрдүн саны |
|---|---|---|
| 1. | Мекеме №21 (ТИЗО-1) | 3 |
| 2. | Мекеме №25 (ТИЗО-5) | 2 |
| 3. | Мекеме №31 (ДТА) | 6 |
| 4. | Мекеме №3 (Түзөтүү абагы) | 6 |
| 5. | Мекеме №8 (Түзөтүү абагы) | 1 |
| 6. | Мекеме №10 (Түзөтүү абагы) | 2 |
| 7. | Мекеме №27 (Түзөтүү абагы) | 3 |
| 8. | Мекеме №16 (Түзөтүү абагы) | 2 |
| 9. | Мекеме №43 (Жатак абагы) | 1 |
| | Жалпы | 26 |

7-диаграмма. 2023-жылы ЖАК мекемелеринде кармалгандардын арасынан каза болгондордун саны




2023-жылы адам оор илдетке чалдыкканына байланыштуу жаза өтөөдөн бошотулган жалгыз учур катталган. Алсак, 2022-жылдын июнь айында соттун өкүмү менен 9 жылга эркиндигинен ажыратылган, 1971-жылы туулган Б.А., 2023-жылдын 25-октябрында Аламүдүн райондук сотунун чечими менен Кылмыш-жаза кодексинин 91-беренесинин 1-бөлүгүнүн негизинде "4-стадиядагы рак" оор илдетине байланыштуу эркиндикке чыгарылган.

Бирок, оор илдеттерине карабастан көпчүлүк соттолгондор ЖАКтын мекемелеринде каза болушат. Алсак, 2023-жылы ЖАКтын мекемелеринде каза болгон адамдардын жалпы санынан экөө рактын терминалдык стадиясынан, дагы экөө цирроздон көз жумду, ал да боор оорусунун терминалдык стадиясын көрсөтүп турат. Мисалы:

- соттолгон Т.Т. 2023-жылдын 12-майында №10 мекемеде каза болгон, алдын-ала диагнозу “4-стадиядагы рак, шишиктен улам аз кандуулук, асцит”,
- соттолгон Б.С. 2023-жылдын 15-декабрында №25 мекемеде каза болгон,
- диагнозу “боор рагы”,
- соттолгон Т.Т. 2023-жылдын 24-июнунда №16 мекемеде каза болгон, диагнозу “боор циррозу”.

Жаза аткаруу тутумунун карамагындагы мекемелерде жашоого болгон укукту камсыз кылуу маселеси да курч турат. Эркиндиктен ажыратуу жайларынын тутумунда соттолгондордун да, башка адамдардын да коопсуздугун камсыз кылуу менен байланышкан олуттуу кемчиликтер бар. Эркиндиктен ажыратуу жайындагы коопсуздук деңгээлинин ички жана тышкы коркунучтардын деңгээлине шайкештиги заманбап пенитенциардык тутумдун коопсуздугунун негизги шарты болууга тийиш. Ушуга байланыштуу, келечекте андай мыйзам бузууга жол бербеш үчүн ИИБ мекемелериндеги ар бир киши өлтүрүү же өз жанын кыйуу фактылары өзгөчө кылдат иликтениши керек.

2023-жылы ЖАКтын мекемелеринде өзүнүн жанын кыйуу боюнча 5 факты жана бир киши өлтүрүү катталган.

- 2023-жылдын июнь айында №14 мекемеде (тарбиялоочу колония) жазасын өтөп жаткан жашы жете элек К.И. жашы жеткендигине байланыштуу №10 мекемеге которулган, ал жерде эки айдан соң, 22 августта өз жанын кыйган. Мында №14 мекемеде жазасын өтөп жаткан учурда К.И. токтоо, жайма-жай эле жүргөн, өз жанын кыйгысы келгени байкалган эмес. Улуттук борбордун кызматкерлеринин аны менен акыркы маектешүүсү 2023-жылдын 25-майында №14 мекемеде орто билими тууралуу аттестат алуу учурунда болгон.
- №3 мекемеде 2023-жылдын 1-январына караган түнү өмүр бою эркинен ажыратылган (ӨЭА) Т.Б.ны башка ӨЭА соттолгондор көп жолу сайгылап-кескилеп жарадар кылышкан. Соттолгон Т.Б. тез арада колониядан М.Мамакеев атындагы

Улуттук хирургиялык борборго жеткирилип, анда жасалган операция учурунда каза болгон. Кызматтык териштирүүнүн жыйынтыгы менен ЖАКтын 2023-жылдын 10-январындагы №1 буйругу менен жети кызматкер катуу сөгүш жана сөгүш түрүндө тартиптик жазага тартылган.

ЖАЗА АТКАРУУ ТУТУМУНДАГЫ МЕКЕМЕЛЕРДИН МЕДИЦИНАЛЫК КЫЗМАТЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИНИН КАРАМАГЫНА ӨТКӨРҮҮ МАСЕЛЕСИ

Бир нече жылдан бери Улуттук борбор ЖАКтын медициналык кызматын Саламаттык сактоо министрлигинин карамагына өткөрүү маселесин көтөрүп келет. Бирок бул маселе дагы эле чечиле элек. Натыйжада дартты аныктоо, ооруларды дарылоо жана жаза аткаруу тутумунун мекемелериндеги адамдарды медициналык жактан камсыз кылуу боюнча көйгөйлөр уланууда.

ЖАКнын медициналык кызматы тергөө алдындагыларга, камакка алынгандарга жана соттолгондорго зарыл болгон медициналык жардам көрсөтө албай жатканынын негизги себептерин белгилеп кетиш керек:

- Атайын адистештирилген дарыгерлердин жетишсиздиги;
- Медициналык кызматкерлер жарандык дарыгерлер менен кошо квалификациясын милдеттүү түрдө жогорулатуудан өтүшпөйт, анын кесепети кызматкерлердин жетишсиз компетенттүүлүгү болот;
- Тергөө изоляторлорунда жана түзөтүү мекемелеринде катуу оорунандарды реабилитациялоо мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу;
- Саламаттык сактоо министрлигинин клиникалык протоколдору менен бекитилген дарылоо стандарттары сакталбаганы.

"Нельсон Мандела Эрежелери" өз убагында жана сапаттуу медициналык жардам алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууну талап кылат. Медициналык кызмат көрсөтүүнүн натыйжасыздыгы катаал же кадыр-баркты басмырлаган мамиле катары бааланат.

Пенитенциардык саламаттык сактоо тутумундагы медициналык кызматкерлердин сапатын жана кесиптик жоопкерчилигин жогорулатуу, медициналык билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде медициналык кадрларды даярдоонун сапатын өркүндөтүү, пенитенциардык саламаттык сактоону жарандык саламаттык сактоо тутумуна бара-бара өткөрүү камак жайларында ден соолукту коргоо маселелеринде олуттуу прогресске жетишүүгө мүмкүндүк берет.

## 2.2 САЛАМАТТЫК САКТОО ТУТУМУНДАГЫ МЕКЕМЕЛЕРДЕ КЫЙНООДОН ЖАНА КАТААЛ МАМИЛЕДЕН ЭРКИН БОЛУУ УКУГУ

Кызыл-Жар айылдык аймактык башкармалыгынын 2022-жылдын 8-августундагы №81 буйругуна ылайык, ооруксананын аймагында жалпы керебеттердин саны 305 болгон жети бөлүм бар. Буга чейин республикалык психиатриялык оорукананын (мындан ары – РПО) түзүмү 325 керебетке эсептелген 8 бөлүмдөн турган.

Сот тарабынан медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары колдонулган адамдарга 110 керебет каралган, анын ичинен 10 керебет аялдар үчүн, 100 керебет эркектер үчүн (катуу жана күчөтүлгөн тартиптеги эки бөлүмдө).

Бүгүнкү күндө 90 бейтап мажбурлоо түрүндө дарыланууда: №5 бөлүмдө - 41 эркек, №2 бөлүмдө - 42 эркек, №4 бөлүмдө - 7 аял.

Төмөнкү маселелер бүгүнкү күнгө чейин чечиле элек:

- Улуттук борбордун ишмердүүлүгүнө Кызыл-Жар айылындагы РПОнун жетекчилигинин тоскоолдук кылышы.[42]
- Оорукананын географиялык алыстыгы жана обочолугу.

[42]Улуттук борбордун Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине 2023-жылдын 24-майында жазган № 17-20/42 каты.

— Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө соттун чечими бар адамдардын УКИде же ТИЗОдо көпкө чейин (бир нече айдан ашык) болушу.

Мисал катары Жумгал райондук соту 2023-жылдын 10-августунда жана Түп райондук соту 2023-жылдын 13-ноябрында Кызыл-Жар аймактык ооруканасында мажбурлап дарылоону дайындаган чечим чыгарган эки адамдын тергөө абагында кармалышын келтирсек болот. Бул адамдар РПОго 2024-жылдын 15-январында гана жеткирилип, тиешелүү түрдө беш жана эки айдан кийин гана дарылана баштакан.

Бүгүнкү күнгө чейин психиатриялык ооруканаларда бейтаптарга катаал жана адамгерчиликсиз мамиле жасалган учурлар бар. Алсак, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Республикалык психиатрия жана наркология борборунун (РПНБ) кызматкерлери тарабынан жашы жете элек кызы, 2-топтогу майып Н.ге карата катаал мамиле жасалгандыгы жөнүндө арыз менен 2023-жылдын 7-декабрында Улуттук борборго Ч.Ж. кайрылган. Билдирүүгө караганда, 2023-жылдын 4-декабрында Н. РПНБнын №2 бөлүмүнө жаткырылган. Бир күндөн кийин, 6-декабрда Ч.Ж. кызын көргөнү келип, ал бөлүмдүн коридорунда клеенка менен жабылган керебеттин үстүндө, шейшепсиз жатканын көргөн. Ч.Ж. кызын душка алып бармак болгон, мында ал кызынын денесинде колдорунда, буттарында, желкесинде жана колтуктарынын эки капталдарында кан уюп калган чоң издерди көргөн. Ошол эле күнү Ч.Ж. кызын үйүнө чыгарып кеткен, ал эми ооруканынын кызматкерлери аларга эч кандай доомату жок деп тилкат жазып берүүгө мажбурлашкан.

2023-жылдын 8-декабрында Улуттук борбордун кызматкерлери Саламаттык сактоо министрлигинин өкүлү менен кошо жогоруда сөз болгон бөлүмгө барышкан. Кызматкерлердин айтымында, жашы жете элек кыз 2023-жылдын 4-декабрынан 6-декабрына чейин эки саат бою (физикалык чектөө) кармап туруу учурунда денесинен жаракат алган. Бирок ошол эле бөлүмдүн бейтаптары менен болгон маегинде алар кызды эки жолу 4-декабрдан 5-декабрга караган түнү байлап коюшканын айтышкан. Бөлүмдөгү бейтаптардын көбү аны ушундай абалда көрүшсө, айрымдары суу берип турушкан.





57, 58, 59, 60, 61, 62-сүрөттөр. Жашы жете элек Н.нын денесиндеги дене жаракатынын издери.
63-сүрөт. Шейшепсиз клеенка менен жабылган керебет

Бул факты боюнча Улуттук борбор Бишкек шаарынын прокуратурасына кайрылуу жиберген.[43] Ошондой эле Саламаттык сактоо министрлигине кат жөнөтүлүп, анын жыйынтыгы менен №2 бөлүмдүн башчысы Э.Б. РПНБнын 2023-жылдын 12-декабрындагы №148 буйругунун негизинде өзүнүн арызы боюнча кызматынан бошотулган. Белгилей кетсек, бөлүмдүн кызматкерлери эч кандай жоопкерчиликке тартылган эмес.

## 2.3 СОЦИАЛДЫК СТАЦИОНАРДЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕ КЫЙНООДОН ЖАНА КАТААЛ МАМИЛЕДЕН ЭРКИН БОЛУУ УКУГУ

Социалдык коргоо – бул мамлекеттин жана коомдун жаш курагына, ден соолугуна, социалдык абалына, жашоо-тиричилик каражатынын жетишсиздигине байланыштуу жардамга жана көмөктөшүүгө муктаж адамдарга карата камкордугу. Социалдык коргоо гумандуулук, ар тараптуулук, адамдын укуктарын жана эркиндигин урматтоо принциптерине негизделет.

Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин тутумунда 17 [44]социалдык стационардык мекеме (мындан ары - ССМ) бар, алардын ичинен:

- карылар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн жалпы ССМ – 5
- чоңдор үчүн психоневрологиялык ССМ – 6
- балдар үчүн психоневрологиялык ССМ – 2
- балдар үчүн реабилитациялык борборлор – 3
- мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн үй-бүлө калыбында – 1 балдар үйү.

ССМдердин жалпы сыйымдуулугу 2786 орун. 2024-жылдын 9-январына карата бул мекемелерде 2332 кызмат алуучу турган, анын 522 улгайган адамдар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар, 1810 чоңдор жана психоневрологиялык оорулар менен жабыркаган балдар болгон.

Төмөндө Улуттук борбордун өкүлдөрү 2023-жылы алдын алуу иретинде барганда аныкталган ченем бузуу учурларынын мисалдары келтирилген.

(1) Кадамжайдагы психоневрологиялык ССМи.

2023-жылдын 8-декабрында Улуттук борбордун буга чейинки сунуштары аткарылбаганы аныкталган. Алсак, турак жайлар ашыкча толуп кеткени, аялдардын имаратында жылуулуктун жоктугу, өрт коопсуздугу сакталбаганы, санитардык-гигиеналык ченемдер бузулганы, колдонуу мөөнөтү өтүп кеткен дары-дармектер жана тамак-аш азыктары болгон, тамактануунун бекитилген ченемдери сакталбаганы катталган.







64-сүрөт. Имараттын авариялык абалы
65-сүрөт. Ачык электр зымдары
66-сүрөт. Келген гуманитардык жардамды сактоочу жайдагы башаламандык
67-сүрөт. Мөөнөтү өтүп кеткен тамак-аш азыктары

[43]Бул баяндаманы жазып жаткан учурда эч кандай жооп болгон эмес.
[44]Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 2024-жылдын 9-январындагы маалыматы.

Аялдар бөлмөсүндө керебеттер бири-бирине жакын жайгашкандыктан, жеке буюмдарды сактоо үчүн тумбочка орнотуу мүмкүн эмес. Температуралык режим сакталбайт, бөлмөлөр абдан суук.

Декабрь айында ССМнын жашоочулары (кызмат алуучулар) жука кийинишкен, анткени жыл мезгилине жараша кийимдер берилбейт.








68-сүрөт. Аялдар бөлмөсү
69-сүрөт. Мезгилге жараша кийимдер берилбейт
70-сүрөт. Кампадагы антисанитардык абал
71-сүрөт. Даараткананын начар абалы

Бардык ченем бузуу көрүнүштөрү боюнча актылар прокуратурага жөнөтүлдү. Текшерүүнүн жыйынтыгында мекеменин төрт кызматкерине “сөгүш” түрүндө тартип жазасы колдонулуп, азык-түлүк кампасынын башчысы кызматынан четтетилди.

(2) Покровкадагы психоневрологиялык ССМ

2023-жылдын 31-майында алдын алуу иретинде барган кезде бир катар ченем бузуу көрүнүштөрү: жашоо шарты канааттандыраарлык эмес экени, мөөнөтү өтүп кеткен дары-дармектер бар экени, бейтаптарга дарыгер жазып берген дары-дармектер берилбей жатканы, мекеменин документациясын жүргүзүү талаптары бузулганы аныкталган.


72-сүрөт. Тиш щеткасы жана пастасы матрастын астында сакталат.
73-сүрөт. Мөөнөтү өтүп кеткен “Арбидол” дарылары

Ченемдердин бузулушу боюнча актылар мекеменин директоруна жөнөтүлгөн. Кызматтык текшерүүнүн жыйынтыгы менен бир катар кызматкерлер тартиптик жазага тартылып, администрация мекеменин кызматкерлеринин арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзгөн.


(3) Токмоктогу №1 психоневрологиялык ССМ

2023-жылдын август айында ЖМКда Токмоктогу ССМ кызматын пайдалануучулардын септик үчүн аң казуу иштерине катышуусу тууралуу маалымат жарыяланган. 8-августа аталган мекемеге барганда Улуттук борбордун өкүлдөрү курулуш иштери башталгандан бери аң казууга 13 камкордук көрүүчү тартылганын аныкташкан. Мында мекеменин администрациясы бул фактыны «эмгек терапиясы» деп документтештирген. Мыйзамга ылайык, кызматтан пайдалануучуларды эмгек терапиясына өндүрүштүк цехтерде, ар кандай профилдеги ийримдерде жана көмөкчү чарбаларда төрт сааттан ашпаган мөөнөткө дарыгердин уруксаты менен гана тартса болот.

Аң казуу жумуштун мүнөзү боюнча оор физикалык эмгек категориясына кирет жана аны “эмгек терапиясы” катары классификациялоого болбойт.

Топтолгон материалдар прокуратурага өткөрүлүп берилди.[45]





74, 75-сүрөттөр. 2023-жылдын августуна карата Токмок ССМинин аймагындагы карьердин курулушу

(4) Социалдык мекемелердеги аба жана жылуулук эрежелерин бузуу

2023-жылдын 17-январынан 19-январына чейин Улуттук борбордун өкүлдөрү абанын температурасын текшериш үчүн Чүй облусунда жайгашкан 14 социалдык стационардык мекемеге барды.

Электр кубаты үзгүлтүккө учурашына байланыштуу көптөгөн мекемелерде температуранын төмөндүгү катталган. Ванналарда муздак суу гана болгон. Айрым мекемелерде электр кубаты үзгүлтүккө учурагандыктан камкордук көрүүчүлөр үчүн тамак-аш даярдоодо кыйынчылыктар болгон.

Санитардык-эпидемиологиялык талаптарга ылайык имараттагы температура +18ден +24 0Сге чейин болушу керек. Бирок 14 мекеменин бешөөндө текшерүү учурунда орточо температура 13-14 0С болгон. Бул факт боюнча актылар түзүлүп, тиешелүү кызматтарга жөнөтүлүп, натыйжада Бишкек шаарынын Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору (МСЭКБ) тарабынан пландан тышкаркы текшерүүлөр жүргүзүлгөн.

2023-жылдын 19-январында Бишкек шаарынын МСЭКБи пландан тышкаркы текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча угушу начар жана кийин укпай калган балдар үчүн адистештирилген мектеп-интернаттын окуу жайларында абанын температурасы +8ден +12 0 ге чейин, ал эми электр кубаты үзгүлтүккө учураганда +5тен +8 $^{0}$ Сге чейин болоорун аныктаган. Улуттук борбордун жана МСЭКБдин сунуштарына байланыштуу бул мекеме 2023-жылдын 20-январында аба жана жылуулук шарттары ченемге ылайык калыбына келгенге чейин онлайн режиминде окутууга өткөрүлгөн.

(5) Жайыл психоневрологиялык ССМи

2023-жылдын 25-февралында аталган мекемеге барып кабар алганда катуу оорулуу бейтаптар үчүн №2 корпуста жаткандардын саны ченемден ашып кеткени аныкталган. Тагыраак айтканда, корпус 70 орунга ылайыкталганына карабай анда 90 киши болгон. Санитардык-гигиеналык ченемдер бузулганы катталган.

[45]Чүй облусунун прокуратурасына жазылган кат, №13-20/161 08.09.2023-ж.

76-сүрөт. Бөлмөлөрдүн ашыкча толтурулушу.
77-сүрөт. Изолятордун бөлмөсү оңдоп-түзөө иштеринен кийин

## 2.4 БАЛДАР ИНТЕРНАТТАРЫНЫН МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ КЫЙНООДОН ЖАНА КАТААЛ МАМИЛЕДЕН ЭРКИН БОЛУУ УКУГУ

2023-жылы Улуттук борбор БУУнун балдардын укуктары боюнча комитетине (мындан ары - Комитет) альтернативалык баяндамасын алып чыкты.

A. Комитет өзүнүн мурунку Корутунду эскертмелеринде[46] Кыргызстанга ата-энесинин өздүгүн тастыктаган документтери бар-жогуна же жергиликтүү каттоодо турганына карабастан, өз аймагында төрөлгөн бардык балдарды каттоого алууну жана туулгандыгы тууралуу стандарттуу күбөлүктөрдү алар төрөлгөндөн кийин эч кандай жөнсүз кечиктирбестен берилишин камсыз кылууну сунуш кылган. Комитет ошондой эле туулгандыгын каттоонун жол-жобосун жөнөкөйлөштүрүү жана туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдү калыбына келтирүү процессинде мыйзамсыз талаптар коюлбашын камсыз кылууну сунуш кылган (25-пункт).

Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги соттолгондорду каттоого алуу жана документтештирүү боюнча иштерди күчөткөнүнө карабастан, Улуттук борбордун өкүлдөрү 2023-жылдын апрель айында аялдардын №2 түзөтүү колониясына барганда И. аттуу соттолгон аял дагы эле документ ала элек 2 жаштагы баласы бар экенин билдирген. Соттолгон бул аялдын паспорту жок, анын айынан баласына туулгандыгы тууралуу күбөлүк ала албайт жана ал үчүн жөлөк пул да албайт.

B. Комитет Кыргызстанга альтернативалык багуудагы балдарды алардын жашына ылайык сапаттуу тамак-аш менен камсыз кылууну жана ага тийиштүү көзөмөл жүргүзүүнү сунуш кылган (42(c) пункту).

2023-жылдын апрель айында Кара-Суу шаарындагы дүлөй балдар үчүн адистештирилген бала бакчага барганда мөөнөтү өтүп кеткен азык-түлүктөр табылган. Мында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы “Социалдык мекемелердеги тамак-аштын акчалай өлчөмдөрү жөнүндө” №7 токтомуна ылайык, ар бир баланын тамак-ашына болгону **28 сом бөлүнөрү** аныкталган.

C. Комитет катышуучу-мамлекетке альтернативалык багуу мекемелериндеги балдарга өз убагында тиешелүү сапаттагы медициналык жардам көрсөтүлүшүн, анын ичинде профилактикалык изилдөөнү, квалификациялуу медициналык адистерди камсыз кылууну сунуш кылган (42 (d) пункту).

2023-жылдын 6-апрелинде Панфиловдогу К.Тилебалиев атындагы мектеп-интернатка Улуттук борбордун кызматкерлери алдын алуу иретинде барганда стоматологиялык кабинетте мөөнөтү өтүп кеткен дары-дармектер табылган. Ошол эле учурда 2022-2023-жылдарга карата Билим берүү жана илим министрлигинин балдар

[46]Караңыз: https://tbinternet.ohchr.org/_layouts/15/treatybodyexternal/Download.aspx?symbolno=CRC%2FC%2FKGZ%2FCO%2F5-6&Lang=ru

мекемелериндеги балдарды дары-дармек жана медициналык тейлөөгө мамлекеттик бюджеттен 5707,0 миң сом бөлүнгөн.

БУУнун Балдардын укуктары боюнча комитети бириккен бешинчи жана алтынчы мезгилдик баяндамаларын карап чыгып, өзүнүн [47]Корутунду эскертмелеринде Кыргызстанга төмөнкү сунуштарды берди.

*E. Балдарга карата зомбулук (19, 24, 28, 2, 34, 37(а) жана 39-беренелер)*

Кыйноо жана жазалоо менен мамиленин башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган түрлөрү

23- пункт. Туруктуу өнүгүү максаттарынын 16.2 милдетине жана мурунку сунуштарга таянуу менен Комитет катышуучу-мамлекетке төмөнкүлөрдү сунуш кылат:

(a) альтернативалык багуу шарттарында жалгыз камап коюуга түздөн-түз тыюу салуучу мыйзамдарды чыгаруу иретинде чара көрүү жана кызматкерлердин баарын балдардын кызыкчылыктарын эсепке алган жана мажбурлоого негизделбеген ыкмаларга үйрөтүүнү камсыз кылуу;

(b) альтернативалык багуу жайларында жана камакта кармоо жайларында баланын кызыкчылыктары эсепке алынган, купуя, көз карандылыксыз даттануу механизмдерине балдардын жеткилигин камсыз кылуу, ошондой эле мындай даттануу менен кайрылгандар өч алуу аракеттерине дуушар болбошун камсыз кылуу;

(c) эркиндиктен ажыратуу жайларындагы жана альтернативалык багуу мекемелериндеги балдар, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар мазактоого жана катаал мамилеге туш болгон учурлардын баарын иликтөө, күнөөлүүлөрдү тийиштүү жоопкерчиликке тартуу жана жабырлануучулар тарткан зыяндын ордун толтуруу;

(d) улуттук алдын алуу механизминде бардык камакка алуу жайларына жана альтернативалык багуу мекемелерине байкоо жүргүзүш үчүн мүмкүнчүлүктөр жана ресурстар жетиштүү болушун камсыз кылуу.

*Дене жазалары*

24-пункт. Комитет дене жазасына дуушар болгон балдардын үлүшү арбын экенине, дене жазасы бардык шарттарда үй-бүлөдө, альтернативалык багуу жана күндүзгү камкордук мекемелеринде социалдык жактан алгылыктуу бойдон калып жатканына жана ага мыйзамдуу түрдө жол берилип жатканына дагы эле терең тынчсызданууда. Комитет өзүнүн мурунку сунуштарын кайталайт жана:

(a) альтернативалык багуу жана күндүзгү камкордук мекемелеринде дене жазасын колдонууга биринчи кезекте жана мыйзам чегинде тыюу салууга;

(b) Мындай учурлар жөнүндө коопсуз жана жашыруун кабарлоону жана күнөөлүүлөрдү тийиштүү жоопкерчиликке тартууну камсыз кылуу үчүн, өзгөчө мектептерде жана альтернативдик кам көрүү мекемелеринде балдардын кызыкчылыктары эсепке алынган, купуя даттануу механизмдерин түзүүнү анын ичинде, дене жазасы колдонулган учурларда  көрүлүүчү аракеттердин протоколдорун жана жол-жоболорун иштеп чыгууга чакырат.

*F. Үй-бүлө чөйрөсү жана альтернативалык багуу (5, 9-11, 18 (1 жана 2-пункттар), 20, 21, 25 жана 27-беренелер (4-пункт))*

Үй-бүлөлүк чөйрөдөн ажыраган балдар

30-пункт. Комитет:

а) адистештирилген мекемелерде багылып жаткан балдардын кыйла көптүгүнө;

б) балдарды интернаттык мекемелерге жайгаштырууга жеткирбөө боюнча чаралардын жетишсиздигине;

---

[47] БУУнун Балдардын укуктары боюнча комитети тарабынан токсон төртүнчү сессиясында (2023-жылдын 4-22-сентябрында) кабыл алынган. https://tbinternet.ohchr.org/_layouts/15/TreatyBodyExternal/countries.aspx?CountryCode=KGZ&Lang=RU караңыз .

(c) альтернативалык багуу жайларындагы балдардын өлүмү жана зомбулук жөнүндө билдирүүлөргө мурдагыдай эле терең тынчсызданат.

31-пункт. Комитет өзүнүн мурунку сунуштарын кайталайт жана катышуучу мамлекетти:

(g) балдардын, өзгөчө ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын альтернативалык багуу мекемелериндеги өлүмүн жана аларга зомбулук көрсөтүлгөн учурларды тез арада иликтөөгө, күнөөлүүлөрдү жоопкерчиликке тартууга жана балдарга ылайык даттануу жолдору жабырлануучуларга жеткиликтүү болушун камсыз кылууга, келтирилген зыяндын ордун толтуруу мүмкүнчүлүктөрүн жана котормочулардын, анын ичинде сурдокотормочулардын жардамын акысыз алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга чакырат.

*К. Атайын коргоо чаралары (22, 30, 32, 33, 35, 36, 37 (b-d пункттары) жана 38-40-беренелер).*

Жашы жете электерге карата сот калыстыгын камсыз кылуу

в) сотко чейин камакта кармоонун узактыгына чек коюу; камакка алынган жана эркиндигинен ажыратылган балдардын эркиндигинен ажыратылышынын мыйзамдуулугун же эркиндигинен ажыратуу мөөнөтүн узартууну караш үчүн компетенттүү органга тез арада жеткирилишин камсыз кылып, анын колдонулбашына жетишүүгө аракеттенүү; жана сотко чейин камакта кармоо жөнүндө чечимдер сот тарабынан үзгүлтүксүз кайра каралып турушун камсыз кылуу;

(f) мүмкүн болушунча, балдар үчүн эркинен ажыратуу менен байланышпаган жазаларды, шарттуу түрдө соттоо же коомдук жумуштарга тартуу сыяктуу соттон тышкаркы чараларды жигердүү кубаттоо;

g) камакта кармоо акыркы чара катары жана мүмкүн болушунча кыска мөөнөткө колдонулушун камсыз кылууну улантуу...;

з) эркиндигинен ажыратуу акыркы чара катары негиздүү болгон өзгөчө учурларда, балдар чоңдор менен бирге кармалбашын жана камакта кармоонун шарттары эл аралык стандарттарга ылайык келишин камсыз кылуу.

"Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы "Социалдык мекемелердеги тамак-аштын акчалай өлчөмдөрү жөнүндө" №7 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №405 токтомуна ылайык, тамактануунун эсептик өлчөмдөрүнө өзгөртүүлөр киргизилди - суммасы 220 сомго чейин көбөйтүлдү (13-пункт). Бирок бул токтом Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин социалдык стационардык мекемелеринде кармалып жаткан балдарга карата колдонулат жана Билим берүү жана илим министрлигинин карамагындагы интернаттык мекемелердеги балдардын тамактануусун каржылоо маселелерине тиешеси жок.

Финансы министрлиги[48] менен Билим берүү жана илим министрлигинен алынган маалыматка караганда[49], өлкөнүн 2024-жылга карата бюджетин, ошондой эле 2025 жана 2026-жылдарга карата бюджеттик планды талкуулоодо тамактануу өлчөмдөрүн жогорулатуу маселеси реалдуу каржылык мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен каралат.

## 2.5 АСКЕРДИК БӨЛҮКТӨРДӨ КЫЗМАТ ӨТӨП ЖАТКАН АСКЕР КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН КЫЙНООДОН ЖАНА КАТААЛ МАМИЛЕДЕН ЭРКИН БОЛУУ УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ БОЮНЧА СУРАМЖЫЛООНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ

[48]Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 13-октябрындагы № 13-1/12848 каты.
[49]Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 28-сентябрындагы № 4-1/2157 каты.

2022-2023-жылдары Улуттук борбор Женевадагы Коопсуздук секторун башкаруу борбору (DCAF, www.dcaf.ch ) менен кошо[50], аскерге чакырылган жоокерлердин арасында алардын жарандык, социалдык жана экономикалык укуктарынын сакталышы боюнча сурамжылоо жүргүздү. Мындай изилдөө Кыргыз Республикасында биринчи жолу өткөрүлдү. Изилдөөнүн биринчи этабынын жыйынтыктары 2022-жылга карата КАУБдун баяндамасында чагылдырылды[51]. Экинчи этап 2023-жылдын июнь-июль айларында өткөрүлдү.

Сурамжылоого жалпысынан Ош шаарында (Ош облусу), Балыкчы жана Каракол шаарларында (Ысык-Көл облусу), Кой-Таш айылында (Чүй облусу), Көк-Ой айылында (Талас облусу), Мурас жана Бужум айылдарында (Баткен облусу) жайгашкан аскер бөлүктөрүнүн мөөнөттүү чакырыктагы 170 аскери катышты.

Анонимдүү сурамжылоодо кыйноодон жана катаал мамиледен, мажбурлап иштетүүдөн эркин болуу, маалымат алуу мүмкүнчүлүгү, медициналык кызмат көрсөтүү, тамак-аш менен толук камсыз кылуу, керектүү жашоо-тиричилик жана санитардык-гигиена шарттары сыяктуу укуктардын корголуу даражасына тиешелүү суроолор берилген.

Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча:

- Респонденттердин 8% өздөрү же башка жоокерлер кыйноого же катаал мамилеге дуушар болгонун билдирген.
- 87% кыйноого, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге кабылганда арыздануунун жол-жоболору жөнүндө кабардар болгонун билдирген. Мында аскерлердин 25% тергөө башталып, калыс жана ыкчам жүргүзүлөөрүнө ишенбегендиктен, мындай иштер болуп кетсе да арыз бербей турганын билдиришкен.
- Аскерге чакырылгандардын 24% арыз жазгандан кийин анын кесепеттерден корголооруна, ал эми күнөөлүү офицерлер жазага тартылаарына ишенбейт (36%).
- Зордук-зомбулук болгон учурда аскерге чакырылгандардын психологиялык (36%) же медициналык (21%) жардам алаарына ишенбей турганын билдиришкен.
- Жоокерлер улутун, динин, тилин, жашаган жерин (шаарын, айылын) кыйноого жана катаал мамилеге алып баруучу элементтер катары карашкан жок.
- Жоокерлердин пикиринде, жаш курагы (8,93%) жана аскердик иерархиядагы кызматы (8,43%) катаал мамилеге түрткү берүүчү негизги факторлор болуп саналат.

Сурамжылоонун жыйынтыгы тиешелүү мамлекеттик органдарга көрсөтүлгөн.[52]

Улуттук борбор Кыргыз Республикасындагы мөөнөттүү аскер кызматкерлеринин укуктарын сактоонун абалын ар тараптуу изилдөөнүн экинчи этабын өткөрүүнү пландаштырууда.[53]

---

[50] 2022-жылы сурамжылоого Ысык-Көл, Чүй жана Жалал-Абад облустарында жайгашкан аскер бөлүктөрүнөн 168 жоокер катышкан.

[51] https://tbinternet.ohchr.org/_layouts/15/TreatyBodyExternal/countries.aspx?CountryCode=KGZ&Lang=RU караңыз.

[52] Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча толук отчет Улуттук борбордун расмий сайтында жеткиликтүү - www . npm . kg .

[53] Биринчи этап 2018-жылы өткөрүлгөн. Атайын изилдөөнүн жыйынтыгы Улуттук борбордун расмий сайтында – www.npm.kg жайгаштырылган.

# 3-БӨЛҮМ. 2023-ЖЫЛДАГЫ КЫЙНОО, КАТААЛ МАМИЛЕ БОЮНЧА КАРАЛГАН АРЫЗДАРДЫН ЖАНА УЛУТТУК БОРБОРДУН АКТЫЛАРЫНЫН НАТЫЙЖАЛАРЫ

Жалпысынан 2023-жылы Улуттук борборго кыйноо, катаал мамиле жана камакта кармоонун канааттандырарлык эмес шарттары боюнча даттанган 119 арыз түшкөн.[54]


- кыйноого салуу – 59
- катаал мамиле – 38
- камактагы адамгерчиликсиз, кадыр-баркты басмырлаган шарттар – 22

## 3.1. КЫЙНОО ЖАНА КАТААЛ МАМИЛЕ ЖӨНҮНДӨ УЛУТТУК БОРБОРГО КЕЛИП ТҮШКӨН АРЫЗДАРДЫ КАРООНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ

### А. КЫЙНОО ЖӨНҮНДӨ АРЫЗДАР


2023-жылы Улуттук борборго кыйноо боюнча келип түшкөн арыздар 2021- жана 2022-жылдарга салыштырмалуу бир аз азайган. Бирок кыйноо боюнча жылына 59 билдирүү (бул кылмыштын жашыруун пайызын эске алганда) кыйноо такай колдонулганын айгинелеген олуттуу көрсөткүч болуп эсептелет, ошондой эле мүмкүн болушунча тез арада чечилиши керек болгон эң башкы көйгөй экенин көрсөтөт.

8-диаграмма. 2020-жылдан 2023-жылга чейинки мезгилде кыйноо жөнүндө Улуттук борборго келип түшкөн арыздардын санынын динамикасы




Улуттук борбордун кызматкерлери жалпы арыздардын жарымын эркиндиктен ажыратуу жана чектөө жайларына алдын алуу иретинде барганда кыйноонун же катаал мамиленин курмандыктары деп болжолдонгон кишилерден түздөн-түз алышат.

9-диаграмма. Кыйноо жөнүндө маалымат булагы





[54] Улуттук борбордун ыйгарым укуктарына тиешеси болбогон, дагы 48 арыз тиешелүү мамлекеттик органдарга жөнөтүлгөн.


Мурдагы жылдардагыдай эле, арыз бергендердин көбү ички иштер органдарынын (71%) жана улуттук коопсуздук органдарынын (29%) кызматкерлеринен кыйноо көргөнүн билдирген.

Кол жана бут менен сабоо кыйноонун эң кеңири тараган ыкмасы бойдон калууда (58%). Ар бир алтынчы киши (13%) кыйноо учурунда думуктуруш үчүн желим баштык же противогаз колдонулганын айткан. Төрт арызылануучу "электрошокер" колдонулганын билдирген. Кыйноонун башка ыкмалары катары, тырмактын астына ийне сайуу, бөтөлкө менен зордуктайм деп коркутуу, ичирбей, жедирбей кармоо, жылдын суук мезгилинде муздак суу куюу, автоматтын кундагы менен бетке уруп, тиштерин кагуу жана психологиялык басым, кемсинтүү жана кордоо көрсөтүлгөн.

10-диаграмма. 2023-жылы Улуттук борборго кыйноо колдонулгандыгы тууралуу мекемелердин кызматкерлерине карата келип түшкөн арыз кайрылуулардын саны



11-диаграмма. Кыйноонун ыкмалары




12-диаграмма. Кыйноонун максаттары




2023-жылы кыйноо боюнча Улуттук борборго келип түшкөн арыздарды кароонун жыйынтыгы боюнча төмөнкү процессуалдык чечимдер кабыл алынган:

- Кылмыш-процессуалдык кодексинин 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун негизинде 39 арыз боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартылган, анын ичинен:
— Райондук/шаардык прокуратуралар – 14,
— Аскердик прокуратура – 13,
— УКМК – 9,
— Облустук прокуратуралар – 3,
- Тергөө учурунда өз ара макулдашууга жетишкендиктен райондук прокуратура ЖПКнын 27-беренесинин 1-б. 13-п негизинде 1 кылмыш ишин токтоткон.
- Баяндама түзүлүп жаткан учурда, 19 арыз боюнча тергөөгө чейинки өндүрүштүн алкагында тергөө текшерүү иш-чаралары жүргүзүлүп, тиешелүү экспертизалар дайындалган:


— Райондук/шаардык прокуратуралар тарабынан – 6,
— Аскердик прокуратура тарабынан – 3,
— УКМК тарабынан – 10.

## В. КАТААЛ МАМИЛЕ ЖӨНҮНДӨ АРЫЗДАР


2023-жылы Улуттук борборго ар кайсы министрликтер менен кызматтардын кызматкерлеринин катаал мамилеси тууралуу арыз менен 38 адам кайрылган.

Катаал мамиле боюнча арыздардын негизги бөлүгү Ички иштер министрлигинин карамагындагы мекемелерден келип түшкөн – 47%, ошондой эле ЖАК кызматкерлерине каршы – 37%, УКМК кызматкерлерине каршы – 10%, Саламаттык сактоо министрлигине каршы - 3% жана сот органдарына каршы - 3%.

13-диаграмма. Министрликтер менен кызматтардын кесилишинде катаал мамиле жөнүндө арыздардын саны




14-диаграмма. Аймактардын кесилишинде катаал мамиле жөнүндө арыздардын санынын катыштыгы




Өткөн жылдарга салыштырмалуу 2023-жылы катаал мамиле боюнча арыздардын жалпы саны Бишкек жана Ош шаарларында, ошондой эле Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарында 39% азайып, ал эми Нарын облусунда көбөйгөн.

Катаал мамиле жөнүндө бардык арыздар прокуратура органдарына жөнөтүлгөн, аларды кароонун жыйынтыгы боюнча төмөнкүдөй чечимдер чыгарылган:

- ЖПКнын 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун негизинде 26 арыз боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартылган, анын ичинен:

— Райондук/шаардык прокуратуралар – 11,
— УКМК – 4,
— Жаза-аткаруу тутумунун органдарында жана мекемелеринде мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө боюнча прокуратура - 4,
— ЖАК, анткени текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча арызда айтылгандарга тастыктоо табылган эмес – 3,

— ЖАК, анткени тосмо арыз берилгендигине байланыштуу иш кыскартылган - 2,
— ИИМдин тергөө кызматы тарабынан баш тартылган – 2.


- Бир арыз боюнча, ЖАК тергөө алдындагыларды кармоо шарттарын жакшыртуу боюнча иштер жүргүзүлүп жатканын билдирди.
- Прокуратура тарабынан УКМКнын тергөө абагынын кызматкерлерине Ички тартиптин эрежелеринин талаптарын так сактоо боюнча 1 сунуштама берилди.
- Баяндаманы түзүү маалында, тергөөгө чейинки өндүрүштүн алкагында 10 арыз боюнча текшерүү иштери жүргүзүлүп жаткан:

— Райондук/шаардык прокуратура – 6,
— Аскердик прокуратура - 2,
— УКМК – 2.

## 3.2. 2023-ЖЫЛДА АНЫКТАЛГАН ЧЕНЕМ БУЗУУ ФАКТЫЛАРЫ БОЮНЧА УЛУТТУК БОРБОРДУН АКТЫЛАРЫН КАРООНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ

Алдын алуу иретинде барганда аныкталган улуттук мыйзамдарды жана адамгерчиликтүү мамиленин стандарттарын жана жабык мекемелерде кармоо шарттарын бузуунун негизинде Улуттук борбор актыларды түзөт жана текшерет, ченемдин бузулушун оңдоо жана күнөөлүүлөрдү жоопкерчиликке тартуу үчүн тиешелүү мамлекеттик органдарга жөнөтөт. 2023-жыл ичинде Улуттук борбор 142 акт түзгөн.

15-диаграмма. Улуттук борбор 2021-2023-жылдар ичинде түзгөн актыларынын саны




Ченем бузуунун түрлөрү боюнча түзүлгөн актылар:

- өлүм фактылары боюнча КАУБга маалымат бербөө – 1
- адамды УКИде кармоо жөнүндө соттун мыйзамсыз чечимдери боюнча – 3
- УКИде кармоо мөөнөтүн 10 суткадан ашыруу - 3.
- УКИге киргизилген адамдарды каттоо журналын толтурбоо – 5
- иштин ичинде кармоо протоколунун жоктугу – 1
- камакка алуу протоколунун көчүрмөсүн берүүдөн баш тартуу – 2
- жертөлөдө жаңы курулуп жаткан УКИ имараты – 1
- УКИге киргизүүдө №33-у медициналык кароодон өткөрүү формасын толтуруу боюнча – 12
- ИИБдин нөөмөт бөлүмдөрүндөгү камералардын начар шарттары – 8
- ТИЗОлордун камераларынын ашыкча толтурулганы – 1
- эркиндикти чектөө жана андан ажыратуу жайларынын (ЭЧАЖ) начар шарттары (дааратканa, душ, желдетүү ж.б.) – 75
- катаал мамиле – 6
- ЭЧАЖдардын санитардык нормаларынын бузулушу – 10
- кыйноо боюнча – 5
- дары-дармектерди сактоо шарттарын бузуу – 3
- мөөнөтү өтүп кеткен дары-дармектер – 6

16-диаграмма. Актылар жөнөтүлгөн мамлекеттик органдар




Жогорудагы актыларды кароонун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй чечимдер кабыл алынды:

- прокуратура органдары тарабынан мыйзамдын бузулушун чечтетүү боюнча сунуштама берилген – 13
- объективдүү жагдайлардан улам ченемдин бузулушу чечтетилген эмес – 8
- актыларда көрсөтүлгөн ченем бузуу фактысы мекеменин жетекчилиги тарабынан чечтетилген – 79
- текшерүүнүн жыйынтыгы менен ченем бузуу аныкталган эмес – 1
- көрсөтүлгөн ченем бузуу фактылары эске алынган – 8 (ИИМ)
- текшерүүнүн жыйынтыгы менен жалпы дарыгерлик практика борборунун наркологиялык бөлүмүнүн кызматкерлери эмгек милдеттерин одоно бузганы үчүн ээлеген кызматынан бошотулган – 2 (адам)
- тартиптик жаза иретинде «сөгүш» жарыяланган - 42 кызматкерге карата
- тартиптик жаза иретинде «катуу сөгүш» берилган – 2 кызматкерге карата
- тартиптик жаза иретинде “эскертүү” берилген – 17 кызматкерге карата
- тартиптик жаза иретинде «сөгүш» берилген – 7 кызматкерге карата
- ээлеген кызматына ылайык келбегендик – 1 кызматкерге карата
- кызматтык ички иликтөө жүргүзүлгөн – 1
- санитардык нормаларды бузгандыгы үчүн айып төлөтүлгөн - 2 кызматкерге карата
- КБРде катталган – 1
- кылмыш иши козголгон – 1
- кылмыш ишин козгоодон баш тартылган – 5

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жылдан жылга аныкталган ченем бузуу фактыларына карата улам жоопкерчиликтүүрөөк мамиле кылып жатканын белгилегибиз келет. Алсак, Улуттук борбордун 142 актысын кароонун жыйынтыгы боюнча 85% актылар боюнча тиешелүү чаралар көрүлгөн. 22 акт боюнча ар кандай себептерден улам эч кандай чара көрүлгөн эмес.

# 4-БӨЛҮМ. КЫЙНООНУН ТУТУМДУК СЕБЕПТЕРИ

Бул бөлүм, эл аралык стандарттарга жана кыйноо менен катаал мамилеге каршы күрөшүү жаатындагы эл аралык келишимдик органдардын сунуштарына мыйзамдардын жана тажрыйбанын шайкештигин талдоонун негизинде түзүлгөн.

Кыргыз Республикасы эгемен мамлекет жана эл аралык мамилелердин толук укуктуу катышуучусу катары кыйноого таптакыр тыюу салуу боюнча милдеттенмелерди өзүнө алган жана улуттук деңгээлде бул көрүнүш менен күрөш саясатын жигердүү жүргүзүүдө. Кыргызстан БУУнун келишимдик органдары аркылуу, анын ичинде Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын (мындан ары - ЖСУЭП), Кыйноого каршы конвенциянын, ушул Конвенциянын Факультативдик протоколунун, ошондой эле башка эл аралык документтердин жол-жоболору аркылуу адам укуктары боюнча эл аралык укук коргоо жол-жоболоруна жигердүү катышат.

Төмөндө өлкөдөгү кыйноого каршы күрөштүн өзгөчө көңүл бурууну талап кылган тутумдук көйгөйлөрү баяндалган. Аларды талдаш үчүн эл аралык келишимдик органдардын, анын ичинде БУУнун Адам укуктары боюнча комитеттин, БУУнун Кыйноого каршы комитеттин, кыйноонун алдын алуу боюнча комитетченин мурда берилген сунуштары жана тиешелүү таанылган стандарттар каралды.

ЖСУЭПнын Факультативдик Протоколуна кошулуу менен өлкө БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин анын юрисдикциясындагы Пактынын жоболорунун бузулушуна байланыштуу адамдардын жеке билдирүүлөрүн кабыл алуу жана кароо, ошондой эле мезгил-мезгили менен эл аралык келишимдердин алкагында ага жүктөлгөн милдеттенмелерин аткаруусу жөнүндө мамлекеттин баяндамаларын берүү компетенциясын тааныган.

1. «КЫЙНОО» ТЕРМИНИНИН АНЫКТАМАСЫ ЖАНА АНЫН КЫЛМЫШ КАТАРЫ КВАЛИФИКАЦИЯСЫ

БУУнун Кыйноого каршы конвенциясынын 4-беренеси бардык мамлекеттерди кыйноо актыларына, анын ичинде кыйноо далалаттарына, ошондой эле ага катышууга же шериктеш болууга каршы өз кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык чара көрүүгө милдеттендирет.

Кыйноого каршы конвенция «кыйноо» терминин *«адамдан же үчүнчү жактан маалымат алып же мойнуна алдырыш үчүн, адам өзү же үчүнчү жак жасаган иш-аракет үчүн, же аны жасады деген шек үчүн, же аны же үчүнчү адамды коркутуу же мажбурлоо, же ар кандай себептерден улам кандайдыр бир мүнөздөгү басмырлоого негизделген, мамлекеттик кызмат адамы же кызматтык милдеттерди аткарган башка адам тарабынан, же алардын көкүтүүсү же алардын кабардар болушу же унчукпаган макулдугу менен кандайдыр бир адамга атайылап катуу оору же азап келтирген кандай гана болбосун физикалык же психикалык аракет»* деп аныктайт.

Жыйынтыктоочу эскертмелердин 9-пунктунда[55] БУУнун Кыйноого каршы комитети Кыргыз Республикасына Кылмыш-жаза кодексинин «Кыйноо» беренесинин мазмунун Кыйноого каршы конвенциянын 1-беренесинде камтылган бардык элементтерге ылайык келтирүүнү сунуш кылган.

Кылмыш-жаза кодексинин 137-беренеси кыйноо сөзсүз жазага тартылышынын маңызын толук чагылдырбагандыктан, Улуттук борбор:

- «Кыйноо» беренесинин мазмунун конвенцияга ылайык келтирүүнү сунуш кылат.

2. Катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле же жазалоону колдонуу үчүн кылмыш жазасын киргизүү

Кыйноого каршы конвенциянын 16-беренесине ылайык, "ар бир катышуучу мамлекет өз юрисдикциясындагы кайсы аймакта болбосун 1-беренеде камтылган кыйноонун аныктамасына кирбеген башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты

[55] БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин Кыргызстандын үчүнчү мезгилдүү баяндамасын кароонун жыйынтыгы боюнча жыйынтыктоочу байкоолору.

басмырлаган мамиле же жаза актылары мамлекеттик кызмат адамы же кызматтык милдет аткарган башка адам тарабынан же алардын көкүтүүсү менен, же алардын кабардар болушу же унчукпаган макулдугу менен жасалса, ага жол бербөөгө милдеттенет".

2022-жылдын аягында Улуттук борборго катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле жана жаза колдонуу боюнча 62 арыз түшкөн. 2023-жылы мындай билдирүүлөрдүн саны 59га жеткен.

Конституцияда катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазалоого толук тыюу салынганы ачык көрсөтүлгөнүнө карабастан (*«Эч ким кыйноого жана башка адамгерчиликсиз, катаал же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазага дуушар болбошу керек»*[56]), Кылмыш-жаза кодексинде катаал мамиле кылуу же адамдын жеке кадыр-баркын басмырлоо үчүн жазага тартуу «Өзүн-өзү өлтүрүүгө жеткирүү» деген 128-березенин алкагында гана каралган.

Буга байланыштуу Улуттук борбор сунуштай:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле кылуу же жаза колдонуу үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигин киргизүүнү сунуш кылат.

3. КЫЙНООГО КАРШЫ НЕГИЗГИ ЮРИДИКАЛЫК КЕПИЛДИКТЕР

Негизги укуктук кепилдиктер камактагылардын баарына эч кандай чектөөсүз берилет. Кылмыш боюнча шектүү катары кармалып жаткан адамдын укуктарын талкуулоодо ар бир адамдын эркиндикке жана басмырлоосуз жеке коопсуздукка, ошондой эле камакта кармалып турганда жана тергөөнүн бардык башка этаптарында кыйноодон жана ар-намысты басмырлаган мамиленин башка түрлөрүнөн коргоо укугу талкууланат. Көп учурларда кармалгандар ИИБдин имараттарына тиешелүү каттоого алынбай жана белгилүү статус берилбей эле жеткирилип, кармалып турат. Жарандар «сүйлөшүүгө» же «күбө катары» чакырылат, бирок иш жүзүндө алар "кармалган" статусунда болушат. Бирок кармалган статустун жоктугуна байланыштуу анын тиешелүү укуктары камсыз кылынбайт. Бул милиция кызматкерлерине адамды эч кандай процессуалдык кепилдиктери жок эле, узак убакыт бою байланышсыз кармоого мүмкүндүк берет. Дал ушул мезгилде абийирсиз милиция кызматкерлери адамдан пара доолап, аны кыйнаш үчүн жана башка адам укуктарын бузуш үчүн пайдаланышат.

Кыйноонун алдын алуу боюнча Улуттук борбордун маалыматы боюнча, кыйноо тууралуу билдирген адамдардын 90% кармалган алгачкы сааттарда эле милиция кызматкерлеринин кыйноосуна туш болгонун айтышкан. Жазык процессинде адам укуктарын коргоо боюнча "Артикль 9" ассоциациясынын өндүрүшүндө каралып жаткан иштердин баштапкы талдоосу көрсөткөндөй, ар бир учурда кармоо мыйзамда каралган кепилдиктердин бузулушу, анын ичинде: жактоочуга өз убагында жеткиликтин жоктугу; камакта кармоо мөөнөтүн ашыруу; телефон чалуу укугун бузуу; маалымат алуу укугун бузуу менен коштолот.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, "камактагы ар бир адамга кармоонун себептери тез арада билдирилип, анын укуктары түшүндүрүлүүгө тийиш. Камакка алынган учурдан тартып адамдын коопсуздугу камсыз кылынат, жеке өзүн коргоого, жактоочунун квалификациялуу юридикалык жардамына, ошондой эле медициналык кароодон өтүүгө жана дарыгердин жардамына ээ болууга мүмкүнчүлүк берилет».

Бирок өткөрүлгөн изилдөөгө ылайык, камакта кармоонун негиздери 13% гана учурда айтылган, ал эми 87% учурда мыйзам бузулуп, бул иш жасалган эмес. 80% учурда кармалган адамдын укуктары түшүндүрүлгөн эмес.

Мында кармалгандар жеткирилгенден кийин 16% учурда гана ИИБдин каттоо журналына катталса, 84% учурда катталган эмес. Кыргыз Республикасынын ИИМинин

[56]Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 56-берене.

“Кыргыз Республикасынын ИИБ тутумундагы административдик имараттарынын аймагына жана жайларына кирүүнү көзөмөлдөөнү уюштуруу жана камсыз кылуу жөнүндө” 31.01.2015-ж. буйругуна ылайык, ИИБге жеткирилген бардык адамдар тиешелүү тартипте катталууга тийиш экенин белгилей кетүү зарыл.

Ошондой эле, өткөрүлгөн изилдөөгө ылайык, медициналык кызматкерлер тарабынан толтурула турган, камакка алынган адамды тергөө абагына киргизүү алдында медициналык кароо формаларынын 90% бекитилген Нускамага ылайык келбейт[57]. Ички иштер органдарынын изоляторлоруна адам жеткирилген сайын медициналык кароо жүргүзүлбөйт, изоляторлордо медициналык жардам биринчи медициналык аптечка жана медициналык тез жардам чакыруу менен гана чектелет.

Эгерде камактагы адам кыйноого жана катаал мамилеге кабылганы жөнүндө даттанса, анда ал өз убагында медициналык күбөлөндүрүүдөн өтүүнүн укуктук кепилдиктеринен жана даттанышын иликтөөнүн натыйжалуу механизминен иш жүзүндө ажырайт. Баштапкы текшерүү стадиясынын болушу кыйноодон жабыркаган кишини улуттук мыйзамдарда жана эл аралык стандарттарда каралган процессуалдык кепилдиктерден ажыратат. Кыйноо жөнүндө арыздардын алдын-ала текшерилиши негизсиз көпкө созулат, соттук-медициналык экспертизалар өз убагында дайындалбай, дене жаракатынын издери тарап жок болуп, натыйжада иш токтотулат. Текшерүү, баш тартуу, жокко чыгаруу, текшерүү, айлампасы кыйла көпкө чейин созулушу мүмкүн, ошондуктан көп учурларда далилдер биротоло жоголот.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, БУУнун Кыйноого каршы комитети да өз сунуштарынын 15-пунктунда Кыргызстанга «бардык камакка алынган же кармалган адамдар, анын ичинде жашы жете электер эркиндигинен ажыратылган учурдан тартып, аларга жактоочу алуу укугу же зарыл болгон учурда акысыз юридикалык жардам алуу укугу, өзгөчө тергөө жана сурак этаптарында квалификациялуу адистин медициналык кароосунан өтүүнү талап кылуу жана тез арада өтүү укугу, камак жайына жеткирилгенде кайрылуусуна ылайык көз каранды дарыгерге жеткилик алуу укугу менен кошо, кыйноого каршы бардык фундаменталдык укуктук кепилдиктер иш жүзүндө берилишин камсыз кылууну» сунуш кылат.

БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин сунуштарына ылайык, Кыргызстан:

(b) Жазык-процессуалдык кодексин карап чыгып, анын ЖСУЭПнын жана адилеттүү соттук териштирүү менен сот адилеттигин ишке ашырууга тиешелүү эл аралык стандарттарга толук шайкеш келишин камсыз кылууга тийиш. Атап айтканда, кылмыштын курмандыктарына жана шектүүлөргө берилүүгө тийиш болгон адам укуктарынын кепилдиктерин кыйгап өткөндүктөн, адилет соттун стандарттарын бузган концепция жана практика катары сотко чейинки текшерүүнү жокко чыгарууну карап чыгышы зарыл;

(c) кыйноо жана катаал мамиле жөнүндө бардык арыздар тез, калыс, кылдат жана натыйжалуу иликтенип, күнөөлүүлөр жоопко тартылышын жана жабырлануучуларга келтирилген зыяндын толугу менен төлөнүшүн, анын ичинде реабилитацияны жана акылга сыярлык ордун толтурууну камсыз кылышы керек.

Буга байланыштуу Улуттук борбор:

- Кыйноого каршы каралган кепилдиктерди камсыз кылыш үчүн ченемдик-укуктук актыларга керектүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуш кылат.

---

[57] Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2020-жылдын 24-мартындагы № 190 буйругу менен кармалган адамды Кыргыз Республикасынын Ички иштер башкармалыгынын Убактылуу кармоочу жайына жайгаштыруу учурундагы №033/у медициналык күбөлөндүрүү баракчасы жана аны толтуруу боюнча нускамалар бекитилди.

4. КЫЙНООНУН ИЗДЕРИН НАТЫЙЖАЛУУ МЕДИЦИНАЛЫК ДОКУМЕНТТЕШТИРҮҮ МЕХАНИЗМИН ЖАНА КЫЙНОО ЖӨНҮНДӨ КАБАРЛАРДЫ ИЛИКТӨӨНҮН КӨЗ КАРАНДЫ ЭМЕС МЕХАНИЗМИН ТҮЗҮҮ

БУУнун Кыйноолорго каршы Конвенциясына ылайык, *"12-берене. Ар бир катышуучу мамлекет өз юрисдикциясындагы кайсы бир аймакта кыйноо болгон деп айтууга жүйөлүү негиздер болгондо, анын компетенттүү органдары тез жана калыс тергөө жүргүзүшүн камсыз кылат." «13-берене. Ар бир катышуучу мамлекет анын юрисдикциясында турган кайсы гана аймакта болбосун кыйноого дуушар болгонун ырастаган ар бир адамга, ошол мамлекеттин компетенттүү бийлигине арыз менен кайрылуу укугун жана андай даттануунун алар тарабынан тез арада калыс каралышын камсыз кылат. Арыз ээсин жана күбөлөрдү арызына же кайсы гана болбосун көрсөтмөсүнө байланыштуу ар кандай катаал мамиледен же опузадан коргоону камсыз кылыш үчүн чара көрүлөт».*

Кыйноонун жана катаал мамиленин учурларын иликтөөнүн эл аралык коомчулук тарабынан таанылган принциптери 2023-жылдын 29-июнунда Женевада сунушталган Стамбул протоколунун экинчи басылышында белгиленген. Бул юристтер жана медициналык адистер үчүн кыйноо жана катаал мамиле фактыларын иликтөө жана каттоо боюнча эрежелердин жыйындысы. Документтин жаңы редакциясы 51 өлкөдөн келген 180 окумуштуунун 23 жылдык ишинин натыйжасы болгон. 1999-жылы Стамбул протоколу расмий бекитилгенден бери бул стандарттар адам укуктары боюнча эл аралык, аймактык жана улуттук органдар тарабынан кабыл алынган. Бул документтин эрежелери адам укуктарынын бузулушуна каршы күрөштө баа жеткис тажрыйбаны берди жана биз үчүн кыйноо жана катаал мамиле жөнүндө билдирүүлөрдү иликтөөнүн эл аралык стандарттарынын жыйындысы катары каралышы керек.

Кыйноого каршы Конвенция кыйноого каршы күрөштүн үч негизги багытын карайт: мамлекеттердин калыстыкты камсыз кылуу, кыйноо учурларына жол бербөө жана зыянды калыбына келтирүү милдети. Тергөө милдети бардык үч компонентти ишке ашырыш үчүн негизги мааниге ээ. Эл аралык укукка ылайык, мамлекеттер кыйноо тууралуу арыздарды тез, калыс жана натыйжалуу иликтеши керек. Кыйноо фактылары боюнча кандай болбосун чыныгы тергөөнүн негизги принциптери: компетенттүүлүк, калыстык, көз каранды эместик, адекваттуу ресурстар, ылдамдык, натыйжалуулук, кылдаттык, жынысын, жашын, майыптыгын жана ушул сыяктуу таанылган өзгөчөлүктөрүн эске алуу, жабырлануучунун иликтөөгө катышуусу жана коомдук көзөмөл.

Тилекке каршы, Кыргызстанда кыйноо фактылары боюнча тергөө иштери өтө натыйжасыз жүргүзүлүүдө. Эгерде Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын статистикалык маалыматтарын ала турган болсок, жыл сайын келип түшкөн арыздардын дээрлик 90% кыйноо фактысы боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартылат. Ошентип, кыйноонун жоктугунан эмес, жабырлануучулар күнөөкөрлөрдүн жазаланарына ишенбегендиктен кыйноо фактылары боюнча арыздар жыл сайын азайып баратат.

Эл аралык эксперттер тарабынан иштелип чыккан медициналык документациянын жана кыйноону иликтөөнүн принциптери Кыргызстанда кыйноого каршы күрөштүн негизги каражаттары катары кабыл алынышы керек.

Адам укуктары боюнча Комитети Кыргызстанга төмөнкүлөрдү сунуш кылган:

(30-пункт (с)) Кыйноо жана катаал мамиле боюнча бардык арыздар тез арада, калыс, кылдат жана натыйжалуу иликтенип, күнөөкөрлөр жоопко тартылышын жана жабыркагандар реабилитация менен адекваттуу компенсацияны камтыган толук компенсация менен камсыз болушун камсыз кылуу;

Кыйноого каршы комитеттин байкоолорунун (25-пункту (а)) укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан, анын ичинде лесбияндарга, гейлерге, бисексуалдарга жана трансгендерлерге карата кыйноо жана катаал мамиле тууралуу бардык арыздар боюнча ыкчам, көз карандысыз, калыс жана натыйжалуу иликтөөнү,

ошондой эле күнөөкөрлөр жоопкерчиликке тартылышын жана жабырлануучулар акылга сыярлык компенсация жана реабилитация алышын камсыз кылуу.

Буга байланыштуу Улуттук борбор:

- Кыйноо жана катаал мамиле жөнүндө бардык билдирүүлөрдү иликтөөнүн жол-жобосун эл аралык стандарттарга ылайык келтирүүнү;
- Кыйноонун жана катаал мамиленин фактыларын иликтөө жана кыйноонун курмандыктары кабылган дене жаракаттарын жана моралдык зыянды медициналык каттого алуу боюнча Стамбул протоколунун стандарттарын ишке киргизүүнү сунуш кылат.

5. КЫЙНООДОН ЖАБЫРКАГАНДАРГА КЕНЕМТЕ ТӨЛӨӨ

БУУнун Кыйноого каршы конвенциясынын 14-беренесине ылайык,

1. Ар бир катышуучу мамлекет өз укуктук тутумунда кыйноонун курмандыгы тарткан зыяндын ордун толтурууну жана калыс, акылга сыярлык кенемтеге, анын ичинде мүмкүн болушунча толук реабилитациялануу каражаттарына ээ болушун камсыз кылат. Эгерде жабырлануучу кыйноодон каза болсо, кенемте алуу укугу анын багуусундагыларга берилет.

2. Бул беренеде эч нерсе жабырлануучунун же башка адамдардын улуттук мыйзамдарга ылайык кенемте алуу укугуна таасирин тийгизбейт.

Кыргызстан БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин чечимдеринин негизинде кыйноого кабылгандардын укуктарын калыбына келтирүү боюнча өз милдеттерин толук аткарбай келе жатат.

Бүгүнкү күндө Комитет 40тан ашык жеке билдирүүлөр боюнча Кыргыз Республикасы тарабынан адам укуктарынын бузулушун таануу жөнүндө чечимдерди кабыл алган. Мында абсолюттук көпчүлүктү (86%) түзгөн 34 билдирүү боюнча Комитет ЖСУЭПнын 7-беренеси (кыйноодон эркин болуу укугу) бузулганын аныктады.

Кызмат адамдары салган кыйноонун натыйжасында адам өлдү деген 34 жеке билдирүүнүн 7 боюнча Комитет биздин мамлекет 6-беренени (жашоо укугу) жана 7-беренени (кыйноодон эркин болуу укугу) бузганын аныктады. Бул жети билдирүү боюнча ар бир чечимде Комитет мамлекет кыйноо жана өлүмдүн жагдайлары боюнча ыкчам, натыйжалуу, кылдат, көз карандысыз, калыс жана ачык-айкын иликтөө жүргүзүүгө, жаза менен куугунтук жүргүзүүгө жана маркумдун өкүлдөрүнө пропорционалдуу кенемте төлөөгө милдеттүү экенин белгилеген. Комитеттин үч гана чечими боюнча кыйноодон каза болгон жабырлануучулардын өкүлдөрүнө кенемте төлөнүп берилген. Ошол эле учурда жабык мекемеде кыйноодон каза болгон адам үчүн 200 миң жана 300 миң сом өлчөмүндөгү төлөмдөрдүн пропорционалдуулугу жана адекваттуулугу чоң суроо жаратат. Эки иш боюнча (Ф.Физиев, Б.Акунов) кыйноодон каза болгондордун өкүлдөрүнүн, кыйноонун натыйжасында каза болгондордун өлүмүн иликтеш үчүн ишти жаңы ачылган жагдайларга байланыштуу кайра баштоо жөнүндө арызын канааттандыруудан Кыргыз Республикасынын Жогорку соту баш тарткан. Эч кандай кенемте төлөнгөн эмес.

БУУнун Кыйноого каршы комитети Кыргызстандын 2021-жылдагы Үчүнчү мезгилдүү баяндамасын кароонун жыйынтыгы боюнча өзүнүн жыйынтыктоочу эскертүүлөрүндө кыйноо менен катаал мамиленин ордун толтуруу механизми түзүлө электигине жана иш жүзүндө кыйноонун курмандыктары кыйноого кабылып жатканына, кыйноо менен катаал мамиленин натыйжасында калыс жана талаптагыдай ордун толтуруу, кенемте төлөө жана реабилитация алуу жок болуп жатканына дагы бир жолу өкүнүчүн билдирди (2-п. 10-16). Буга байланыштуу Комитет Кыргыз Республикасына зыяндын ордун толтуруу жана кенемте төлөө чаралары, анын ичинде соттор же башка органдар тарабынан белгиленген реабилитациялоо каражаттары, ошондой эле кыйноонун же катаал мамиленин курмандыктарына иш жүзүндө берилген дарылоо, анын ичинде төлөнүүчү суммалар жөнүндө маалыматтарды чогултууну жана Комитетке тапшырууну сунуш кылды.

Мындан тышкары, БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин жыйынтыктоочу эскертмелеринде Комитеттин жалпы тартиптеги №3 эскертмесине (2012-ж.) ылайык, кыйноонун курмандыктарынын кылмыш иши каралып жатса же соттолуп бүтө элек болсо дагы, аларга келтирилген зыяндын ордун толтурууну талап кылып жарандык доо коюуга мүмкүнчүлүк бериш үчүн өз мыйзамдарын карап чыгуу сунушталды.

"Кыйноонун жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борборунун 2021-жылга карата жылдык баяндамасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2022-жылдын 16-июнундагы №318-VII токтомунда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:

«Кыйноонун курмандыктарын адамгерчиликтүү кармоо жана алардын бузулган укуктарын калыбына келтирүү укугун камсыз кылуу боюнча эл аралык милдеттенмелерди аткаруу максатында кыйноонун жана катаал мамиленин курмандыктарына кенемте төлөө механизмдерин жөнгө салуу боюнча мыйзам долбоорлорун белгиленген тартипте киргизүү" сунушталган.

Бирок өлкөнүн мыйзам чыгаруу органынын актысында бекитилген Улуттук борбордун бул сунушу ушул күнгө чейин аткарылган эмес.

Кыйноо үчүн сөзсүз түрдө жазага тартуу принцибин сактоо жана кыйноонун курмандыктарынын бузулган укуктарын калыбына келтирүү боюнча Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин аткаруу максатында Улуттук борбор төмөнкүлөрдү сунуш кылат:

- Кыйноонун курмандыгына же анын өкүлдөрүнө кенемте катары төлөнүүчү материалдык зыянды жана моралдык зыянды эсептөө процессин жөнгө салуучу ченемдик актыны тез арада иштеп чыгуу жана кабыл алуу.
- Кыйноодон жабыркаган киши тарткан моралдык зыян үчүн сот белгилөөчү акчалай кенемтенин пропорционалдуулугун жана адекваттуулугун камсыз кылуу.
- Кыйноонун бардык курмандыктарына же алардын өкүлдөрүнө кенемте БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин Комитет ЖСУЭП бузулганын тааныган ар бир чечими үчүн төлөнүп берилишин камсыз кылуу.
- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин чечиминин негизинде жаңы ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жөнүндө өтүнүчтөрдү канааттандыруудан баш тартуу тажрыйбасын жоюу.
- Кыйноодон жабыр тарткан адамдын пайдасына төлөнүүчү кенемтени мамлекеттик бюджеттен өндүрүүү жөнүндө чыккан соттун чечимдерине Финансы министрлигинин каршы чыгышынын практикасын жоюу.
- Кыйноонун курмандыктарына төлөнгөн кенемте жөнүндө БУУнун Кыйноого каршы комитетине жана БУУнун башка тиешелүү механизмдерине кеңири маалымат берүү.

## 6. КЫЙНОО ЖАНА КАТААЛ МАМИЛЕ КЫЛУУ КОРКУНУЧУ БОЛГОН ӨЛКӨГӨ ЭКСТРАДИЦИЯЛООГО ЖАНА КАЙТАРУУГА ТЫЮУ САЛУУ ПРИНЦИБИ

БУУнун Кыйноого каршы конвенциясынын 3-беренесине ылайык:

1. Эч кайсы катышуучу-мамлекет кайсы бир адамды ал жерде кыйноого кабылуу коркунучу бар деп ишенүүгө олуттуу негиздер болгондо башка мамлекетке чыгарып жибербеши керек, кайтарып бербеши керек («рефоулер») же өткөрүп бербеши керек.

2. Мындай негиздерди аныкташ үчүн компетенттүү органдар бардык тиешелүү жагдайларды, анын ичинде зарыл болгон учурда тиешелүү мамлекетте адам укуктарын одоно, орой же жапырт бузуунун туруктуу практикасы бар-жогун эске алат.

БУУнун Кыргыз Республикасындагы өлкө тобунун экстрадицияга байланыштуу комментарийлерине ылайык, адамды кыйноо коркунучу бар өлкөгө чыгарып кетүүгө, кайтарууга жана экстрадициялоого салынган тыюуну иш жүзүндө камсыз кылыш үчүн Кыргыз Республикасынын ЖПКнын жоболоруна зарыл болгон толуктоолор иштелип чыккан.

Өлкөлөрдүн кылмыш-жаза мыйзамдарына киргизилиши зарыл болгон бул өзгөртүүлөр БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин (“Катышуучу мамлекет Пактынын 6 жана 7-беренелерине ылайык кайра кайтарууга таптакыр тыюу салууну жана дипломатиялык кепилдиктерге баа берүүдө этияттыкты катуу карманышы керек; дипломатиялык кепилдиктер боюнча которулган адамдар өткөрүлүп берилгенден кийин алардын абалына адекваттуу, натыйжалуу жана көз карандылыксыз байкоо жүргүзүүнү камсыз кылууга тийиш; аларды экстрадициялоодон, депортациялоодон, которуудан же башка өлкөлөргө кайтаргандан кийин аларга болгон мамилени натыйжалуу көзөмөлдөй албаса, мындай кепилдиктерге таянбашы зарыл”), ошондой эле БУУнун Кыйноого каршы Комитетинин («катышуучу мамлекет, эгерде адам кыйноого же катаал мамилеге дуушар болуу коркунучуна туш болушу мүмкүн деп ишенүүгө олуттуу негиздер болсо, иш жүзүндө эч ким башка мамлекетке кууп чыгарылбашын, кайтарылбашын же экстрадицияланбашын камсыз кылууга тийиш») деген Кыргызстанга карата жыйынтыктоочу эскертүүлөрүнө жооп катары иштелип чыккан.

Буга байланыштуу Улуттук борбор:

- Кыйноо жана катаал мамиле кылуу коркунучу болгон учурларда адамды экстрадициялоого тыюу салган эл аралык стандарттарга өлкөнүн жазык мыйзамдарын толук ылайык келтирүүнү (БУУнун Кыргыз Республикасындагы өлкө командасынын иштелип чыккан мыйзам чыгаруу демилгелеринин пакетине ылайык) сунуш кылат.

7. УЛУТТУК АЛДЫН АЛУУ МЕХАНИЗМИНИН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ

2012-жылдан бери Кыйноонун алдын алуу боюнча Улуттук борбор улуттук алдын алуу механизми (УАМ) катары иштеп келет. 2022-жылы Бириккен Улуттар Уюмунун Адам укуктары боюнча Жогорку Комиссарынын Башкармалыгынын Нотасына ылайык, Кыргыз Республикасы тарыхта биринчи жолу эгемендик алгандан кийин, дүйнөдө улуттук алдын алуу механизмдеринин эң мыкты системасы бар алдыңкы он өлкөнүн катарына кирди. Ошого карабастан, мамлекеттик органдарда Улуттук борборду анын иш милдеттерин Акыйкатчы институтуна өткөрүп берүү аркылуу жоюу маселеси дагы эле каралууда, бул өлкөдөгү адам укуктарын кыйноодон коргоонун толук баалуу иштеп жаткан механизмин жок кылуу коркунучуна алып келет.

Жыйынтыктоочу байкоолорунда БУУнун Адам укуктары боюнча комитети белгилегендей, «Кыйноонун алдын алуу боюнча Улуттук борборду Акыйкатчы институту менен бириктирүү жөнүндө чечимине карата катышуучу-мамлекеттин түшүндүрмөсүн эске алуу менен, Комитет Кыйноонун алдын алуу боюнча Улуттук борбордун мандатын натыйжалуу жана көз карандысыз ишке ашырыш үчүн жетишсиз каржыланып жатканына дагы эле тынчсыздануу билдирет». 30-пунктта Комитет Кыргызстанга Улуттук борбор өз ыйгарым укуктарын натыйжалуу жана өз алдынча жүзөгө ашырышы үчүн анын кызматкерлеринин бардык эркиндиктен ажыратуу жайларына тоскоолдуксуз киришин камсыз кылууну, Улуттук борбордун ишине кийлигишүү үчүн административдик жана кылмыш-жаза жоопкерчилигин киргизүүнү жана анын ишине зарыл болгон финансылык ресурстарды берүүнү сунуш кылат.

БУУнун Кыйноого каршы комитетинин жыйынтыктоочу эскертүүлөрү ошондой эле КАУБдун иштешин камсыз кылуу боюнча сунуштарды камтыйт. Алсак, мамлекет:

(а) Кылмыш-жаза кодексинин 146-2-беренесин кайра киргизүүгө жана Кыйноонун алдын алуу боюнча Улуттук борбордун ишине жасалган ар кандай тоскоолдуктар же кийлигишүү натыйжалуу иликтенип, күнөөкөрлөр жоопкерчиликке тартылышын камсыз кылууга;

б) Улуттук борбор өлкөнүн бүт аймагында өз ыйгарым укуктарын натыйжалуу аткарышы үчүн аны зарыл болгон финансылык, адамдык жана материалдык ресурстар менен камсыз кылууга, анын өкүлдөрүнүн бардык эркиндиктен ажыратуу жайларына тоскоолдуксуз киришин, ошондой эле камактагылар менен жашыруун жолугушууларды өткөрүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш экени белгиленген.

Буга байланыштуу Улуттук борбор:

- Кыйноонун алдын алуу боюнча Улуттук борбордун ишине тоскоолдук кылуу жана кийлигишүү үчүн кылмыш жоопкерчилигин кайра киргизүүнү сунуш кылат.

8. ЭРКИНДИКТЕН АЖЫРАТУУ ЖАНА АНЫ ЧЕКТӨӨ ЖАЙЛАРЫНДА КАРМОО ШАРТТАРЫ

БУУнун Адам укуктары боюнча комитети жана БУУнун Кыйноого каршы комитети өз корутундуларында айрым абак жайларын оңдоо жана өмүр бою эркинен ажыратылгандар үчүн кошумча жайларды куруу боюнча мамлекеттин иш-аракеттерине жогору баа беришти. Бирок Комитет камак жайларынын жетишсиз жана көңүл чөктүрүүчү шарттары, анын ичинде адамдардын батпай жатканы жөнүндө маалыматтарга мурдагыдай эле тынчсызданууда. Аялдарды эркиндиктен ажыратуу жайларындагы кармоонун коркунучтуу шарттары жана тиешелүү медициналык жардамдын, анын ичинде кош бойлуу аялдарга жана балалуу энелерге камкордуктун жоктугу Комитеттин өзгөчө тынчсыздануусуна себеп болду. Комитет ошондой эле психиатриялык ооруканалардагы, социалдык багуу үйлөрүндөгү жана балдар мекемелериндеги өтө начар шарттар тууралуу билдирүүлөргө тынчсызданууда.

Адам укуктары боюнча комитеттин Корутунду сунуштарынын 36-пунктуна ылайык, Кыргызстан:

(b) жетиштүү финансылык жана адамдык ресурс бөлүп берип, психиатриялык мекемелер менен кошо камакта кармоонун шарттарын жакшыртууга жана ЖСУЭПтин 10-беренесине жана “Нельсон Мандела Эрежелерине” ылайык эркиндигинен ажыратылган адамдардын кадыр-баркын сыйлоону камсыз кылуу боюнча өз күч-аракеттерин күчөтүүгө;

(c) бардык камактагылар өз убагында, адекваттуу медициналык жардам жана зарыл адистештирилген дарылоо менен камсыз болушун камсыздандырууга тийиш. Эгерде абактын шартында талапка ылайык стационардык дарылануу жок болсо, мамлекеттик саламаттык сактоо мекемелерин жана эркиндиктен ажыратуу менен байланышпаган альтернативаларды пайдаланууну мүмкүнчүлүгүн караш керек.

Жыйынтыктоочу эскертүүлөрдүн 23-пунктунда Кыйноого каршы комитет Кыргызстанды:

(а) камакта кармоонун шарттарын жакшыртууга жана пенитенциардык мекемелердин толуп кетишин азайтууга, анын ичинде эркиндигинен ажыратуу менен байланышпаган чараларды колдонуу аркылуу иш-аракеттерди күчөтүүгө чакырат. Камактагыларды адекваттуу материалдык жана гигиеналык шарттар, анын ичинде адекваттуу табигый жана электр жарыгы; адекваттуу канализация жана санитария системалары, анын ичинде ааратканалар менен душтар; абак камераларындагы жылытуу; адекваттуу желдетүү; тамак-аш, төшөнчүлөр, жууркан-төшөк жана тийиштүү сапаттагы жана сандагы жеке гигиеналык буюмдар; саламаттык сактоо; ачык абада сейилдөө мүмкүнчүлүктөрү жана үй-бүлө сапары үчүн мүмкүнчүлүктөр менен камсыз кылыш керек;

(б) бардык камак жайларында дарыгерлердин жана психиатрлардын жетиштүү санын камсыз кылууга;

(с) аялдар үчүн эркиндиктен ажыратуу жайларында адекваттуу шарттарды жана аялдардын жетиштүү санын камсыз кылууга;

г) психиатриялык стационарларда, социалдык багуу мекемелеринде жана балдар мекемелеринде шарттарды жакшыртууга чакырат.

Буга байланыштуу Улуттук борбор:

- Эркиндиктен ажыратуу жана аны чектөө жайларында адамдарды кармоонун улуттук стандарттарын кабыл алынган эл аралык стандарттарга ылайык келтирүүнү сунуш кылат.

## КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАР

Улуттук борбордун ишмердүүлүгүн талдоо төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет:

- "Кыйноо индекси"[58] изилдөөсүнө ылайык эркиндиктен ажыратуу жана аны чектөө жайларында кыйноого кабылган адамдар акыркы беш жылдын ичинде бир жарым эсе азайды. Эгерде мурда ар бир үчүнчү адам кыйноого дуушар болсо, бүгүнкү күндө ар бир бешинчи адам кыйноого салынат. Ага карабастан, бул статистика өлкөдө кыйноолорду колдонуунун уланып жаткан тажрыйбасы жана анын системалуу мүнөзү жөнүндө күбөлөндүрөт.
- Эркиндиктен ажыратуу жайларында кармалган адамдарды кыйноого түрткү берүүчү негизги факторлордун бири жазасыз калуу болуп саналат. Акыркы он жылда бир да кызмат адамы кыйноо боюнча соттолгон эмес.
- Кыйноолордун саны өлкөдөгү абактагы калктын санына түздөн-түз көз каранды болот, Жазык-процесстик мыйзамдарга ылайык камакка алуу эң катуу чара болуп саналат жана өзгөчө учурларда жүзөгө ашырылышы керек. Мыйзамда камакка алуу менен байланышпаган бөгөт коюу чараларынын беш түрү каралганына карабастан, сот органдарынын 2023-жылдагы статистикасына ылайык, бөгөт коюу чарасын тандоо жөнүндө чыгарылган бардык токтомдордун 95% сот тарабынан камакка алуу жөнүндө чечим кабыл алынган.
- БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин чыгарган чечимдеринин негизинде мамлекет тарабынан кыйноолордун курмандыктарына компенсацияларды төлөп берүү бир жолку болуп саналат. Мында төлөнүп берилген компенсациялардын өлчөмү келтирилген зыянга жетишсиз.
- УКЖ жана ТИЗО имараттарынын жертөлө жана жарым жертөлө (цоколдук) жайларында камераларды жайгаштырууга тыюу салуу жөнүндө бир нече жолу талап коюлганына карабастан, аларды пайдалануу улантылууда. Ошондой эле ички иштер органдарынын жертөлө бөлмөлөрүндө жаңы объектилердин курулушу улантылууда.
- Жазык-аткаруу тутумунун мекемелериндеги медициналык камсыз кылуу өз убагында, натыйжалуу болуу критерийлерине ылайык келбейт. Медициналык кызматты саламаттыкты сактоо министрлигинин карамагына өткөрүп берүү процесси ушул тапта токтоп турат.
- Ушул убакка чейин айыккыс дартка чалдыккан камактагылар паллиативдик жардам албастан жана тийиштүү камкордук көрбөстөн түзөтүү мекемелеринин дубалдарында каза болуп жатышат. «Шектүүлөрдү жана айыпталуучуларды камакка алууга тоскоолдук кылган оор илдеттердин тизмесин» жана «Жазаны андан ары өтөөдөн бошотуш үчүн негиз болгон оорулардын тизмесин» түзүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аракеттеги токтомдору айрым учурларда гана колдонулат.
- Мамлекет камактагы жана эркиндиктен ажыратуу жайларындагы адамдардын коопсуздугунун кепилдиктерин камсыз кылуу боюнча өз милдеттерин толук аткарбай жатат. Камактагылардын өлүм фактылары айрым кызматкерлердин өз милдеттерин абийирсиз аткаруусу менен гана эмес, жалпысынан жабык мекемелерде киши өлтүрүүлөрдүн жана өзүн-өзү өлтүрүнүн алдын алуу системасынын натыйжасыздыгы менен да шартталган.

---

[58] https://npm.kg/ru/indeks-praktiki-primeneniya-pytok/ караңыз

Тажрыйбаны жалпылоонун жана Улуттук борбордун өткөн жылдарга карата сунуштарынын ишке ашырылышын талдоонун негизинде эркиндиктен ажыратуу жана аны чектөө жайларында кыйноонун жана катаал мамиленин тутумдук себептерин жоюу максатында төмөнкү кеңештер берилет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНЕ:

1. Жазык-процесстик кодекске эл аралык мыйзамдар мыйзамдардын курамдык бөлүгү болуп санала тургандыгы жана түздөн-түз колдонула тургандыгы жөнүндө эскертүүнү киргизүү.
2. Кылмыш-жаза кодексинин "кыйноолор" статьясын кыйноолорго каршы БУУнун Конвенциясынын 1-статьясында камтылган бардык элементтерге ылайык келтирүү. Атап айтканда, 137-беренесинде көрсөтүлгөн "кыйноо" кылмыш субъекттеринин чөйрөсү "расмий катары чыгуучу башка адамдар" деген сөздөр менен толукталсын.
3. Кылмыш-жаза кодексине "катаал мамиле жасагандыгы" үчүн жоопкерчилик жана жаза бөлүгүндө өзгөртүүлөрдү киргизүү.
4. Жазык-процесстик кодекске шектүү адам ага карата кыйноолорду жана башка мыйзамсыз аракеттерди колдонуу жөнүндө арыз бергенде же анда күч колдонуунун издери болгондо, тергөө судьясы көзөмөл жүргүзүүчү прокурорго көрсөтүлгөн фактыларды токтоосуз текшерүүнү жүзөгө ашырууну тапшырууга милдеттүү экендиги жөнүндө өзгөртүү киргизүү.
5. Кыйноолорду териштирүү боюнча көз карандысыз органды түзүү, балким Башкы прокуратуранын алдында тиешелүү түзүмдүк бөлүмдү түзүү аркылуу.
6. Жазык-процесстик кодексинин 494-беренесинин "жазык иштери боюнча өндүрүштүн өзгөчө тартиби колдонулуучу адамдардын категориялары" тизмегинин бөлүгүн 11-пункт менен "Координациялык кеңештин мүчөлөрү, Улуттук борбордун кызматкерлери" деп толукталсын.
7. Кылмыш-жаза кодекси Координациялык кеңештин мүчөсүнүн, Улуттук борбордун кызматкеринин ыйгарым укуктарын ишке ашырууга кандай гана формада болбосун тоскоолдук кылгандыгы үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигин белгилеген берене менен толукталсын.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНА:

1. Тергөө үчүн камалган адамдардын бөгөт чарасын тандоо жана камактагы мөөнөтүн узартуу жөнүндө сот токтом чыгарууда аларды ички иштер органдарынын убактылуу изоляторлорунда кармоону түздөн-түз көрсөтүү практикасын жоюу.
2. Соттор тарабынан түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүү жөнүндө маселени кароодо, ошондой эле оор абалдагы соттолгондорго карата жазаны өтөөдөн шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотууну дайындоодо мыйзамдардын сакталышына контролду күчөтсүн.
3. Кылмыш-жаза кодексинин «Кыйноо» беренеси боюнча кылмыш иштерин кароонун соттук практикасын жалпылоо боюнча Жогорку соттун Пленумун иштеп чыгуу.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАШКЫ ПРОКУРАТУРАСЫНА:

1. Кыйноолор жөнүндө арыздарды текшерүүгө карата минималдуу талаптардын, анын ичинде кылмыш жөнүндө билдирүүлөрдү алдын ала текшерүү стадиясында, ошондой эле тергөө мөөнөттөрүнүн аткарылышына контролду күчөтүү. Көз карандысыз эксперттерди курамына киргизүү менен кыйноолор жөнүндө арыздар боюнча алдын ала текшерүүнүн сапатын текшерүү боюнча комиссия түзсүн.
2. Кылмыштардын бирдиктүү реестри жөнүндө Жобого жана Жазык-процесстик кодекске маалыматтарды эсепке алуу журналында катталган иштерди ички

ведомстволук эсептен чыгаруу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгаруучу өзгөртүүлөрдү киргизсин.

3. Көз карандысыз эксперттерди тартуу менен соттук-медициналык экспертизаларды берүүнүн сапатына талдоо жүргүзүү.
4. Тиешелүү квалификациядагы прокурордук кызматкерлерди окутуу менен "Стамбул протоколунун" экинчи басылышынын негизинде кыйноо фактыларын иликтөө боюнча колдонмону иштеп чыгуу.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИНЕ:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Камакка алынган адамдарды камакка алууга жана камак жайларынын иш тартибине карата талаптар жөнүндө» 2022-жылдын 7-февралындагы № 55 токтомунун талаптарын эске алуу менен административдик камералардын абалына реалдуу баа берүү, аларды жаңыртууга жана оңдоп-түзөөгө каражат бөлүү.
2. Кармалган адамдарды медициналык кароо №003-у бөлүмүнүн талаптарына ылайык түзүлгөн, Саламаттык сактоо министрлигинин 24-мартындагы 2020-жылдагы №190-жылдагы буйругу менен бекитилген формасы жок убактылуу кармоочу жайга киргизүү практикасын алып салуу.
3. Ички иштер органдарынын жаңы имараттарын курууда убактылуу кармоочу изоляторлордун камераларын жертөлө жана жарым жертөлө бөлмөлөрүндө жайгаштырууга жол бербесин.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИНЕ:

1. 2018-жылдын 20-июнундагы №296 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген "шектүүлөрдү жана айыпталуучуларды камакта кармоого тоскоол болгон оор оорулардын тизмеси", ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 29-ноябрындагы №745[59] токтому менен бекитилген "соттолгондорду жаза өтөөдөн бошотууга көрсөтүү үчүн негиз болуп саналган оорулардын тизмесине" туура келген диагноздору боюнча тергөөдө жүргөндөрдүн жана соттолгондордун өз убагында берилишине контролду күчөтүү.
2. Жазык-аткаруу тутумунун медициналык кызматын Саламаттык сактоо министрлигинин карамагына этап-этабы менен которуу боюнча иштер кайра башталсын.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ЖАЗЫК АТКАРУУ КЫЗМАТЫНА:

1. Камакта кармалган адамдардын жана эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны өтөө жерлеринде өмүрүнүн жана ден соолугунун коопсуздугунун кепилдиктерин камсыз кылсын.
2. Оор оорулуу адамдарды эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны андан ары өтөөдөн бошотуу же камакка алууга тоскоол болгон оор оорулардын болушуна байланыштуу камактан бошотуу жөнүндө маселени кароо үчүн материалдарды сот органдарына өз убагында берүүгө.
3. Камалгандардын жашоо шарттарын жакшыртуу, санитардык жана гигиеналык ченемдерди, бөлмөлөрдү жарыктандырууга, жылытууга жана желдетүүгө талаптарды сактоо, камалгандарды дене тарбия жана сергек жашоо мүнөзү менен машыгууга тартуу боюнча чараларды көрүү.

[59] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23-ноябрь 2016-жыл №615, 19-октябрь 2018-жыл №488, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 24-декабрь 2021-жыл №350 токтомдорунун редакциясында.

4. Тергөө-камакка алынган адамдарды ТИЗО-1де кармоо үчүн камераларды жайгаштыруу максатында жертөлөдөгү (цокольный), жайларды пайдалануу практикасын алып салуу.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИНЕ:

1. Кармалган адамды ИИБдин УКИсине жайгаштырууда медициналык кароодон өткөрүү боюнча Саламаттык сактоо министрлигинин 2020-жылдын 24-мартындагы №190 буйругу менен бекитилген №003-у формасынын талаптарын медициналык кызматкерлер кынтыксыз сактап, толук толтурушун камсыз кылуу.
2. Чым-Коргон айылындагы Республикалык психиатриялык ооруканада сот тарабынан медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары жөнүндө токтом чыгарылган кылмыш жасаган адамдарды дарылоо үчүн бөлүм жана соттук-психиатриялык экспертиза бөлүмү ачылсын.

ЭРКИНДИКТЕН АЖЫРАТУУ ЖАНА ЧЕКТӨӨ ЖАЙЛАРЫ КАРАМАГЫНДА БАР БОЛГОН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРГА:

1. Улуттук борбордун ишине тоскоолдук кылуунун бардык көрүнүштөрү алып салынсын.
2. Координациялык кеңештин сунуштамаларын жана кыйноолор жана катаал мамиле фактылары жөнүндө Улуттук борбордун билдирүүлөрүн аткаруу бөлүгүндө Улуттук борбор жөнүндө Мыйзамдын 16-беренесинин талаптарынын сакталышына контролду күчөтүү, ага ылайык мамлекеттик органдар, кызмат адамдары сунуштарды алган күндөн тартып бир айдын ичинде көрүлгөн чаралар жөнүндө Координациялык кеңешке маалымдоого милдеттүү, ал эми Улуттук борбор кыйноолорду жана катаал мамиленин башка түрлөрүн колдонуу боюнча фактыларды тапкан учурларда - мындай укукка жат аракеттерге жол берген кызматкерге карата көрүлгөн чаралар жөнүндө бир сутканын ичинде маалымат берилсин.
3. Эркиндигинен ажыратылган жана эркиндиги чектелген адамдардын укуктарына жана эркиндиктерине, аларды кармоонун тартибине жана шарттарына, ошондой эле кыйноолорду жана катаал мамилелердин алдын алуу маселелерине тиешелүү ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун Улуттук борбор жөнүндө Мыйзамдын 29-беренесинин 2-бөлүмүнүн 3-пунктуна ылайык Улуттук борборго жиберүү.
4. Мамлекеттик органдардын расмий сайттарында Улуттук борбордун Ар жылдык баяндамаларын жарыялоо бөлүгүндө Улуттук борбор жөнүндө Мыйзамдын 29-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4-пунктунун аткарылышын контролдоону күчөтсүн.

## 2023-ЖЫЛГА КАРАТА ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ

Отчеттук мезгил: 2023-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейин
Өлчөө бирдиги: сом

| Көрсөткүчтөр | Статьялардын коду | Бир жылга бекитилген | Такталды | Чыгымдар |
|---|---|---|---|---|
| **Чыгымдар** | | **0** | **0** | **0** |
| **Эмгек акы** | **2111** | **9649800** | **19793800** | **19793798,98** |
| Негизги эмгекакы | 21111100 | 0 | 0 | 18087869,70 |
| Кошумча акы | 21111200 | 0 | 0 | 1705929,28 |
| **Социалдык фондго төлөмдөр** | **2121** | **1445100** | **2751400** | **2751400** |
| Пенсия фондуна төлөмдөр | 21211100 | 0 | 0 | 2751400 |
| **Товарларды жана кызмат** | **2211** | **722700** | **951600** | **951599,8** |
| Транспорттук чыгашалар | 22111100 | 0 | 0 | 257137 |
| Мейманкана чыгашасы | 22111200 | 0 | 0 | 336705,60 |
| Суткалык чыгаша | 22111300 | 0 | 0 | 357757,20 |
| **Байланыш кызматын көрсөтүү** | **2212** | **374000** | **374000** | **372000** |
| Телефондук кызмат көрсөтүү жана | 22122100 | 0 | 0 | 30000 |
| Уюлдук байланыш кызматын көрсөтүү | 22122200 | 0 | 0 | 179350 |
| Фельдъегердик байланыш кызматын | 22122300 | 0 | 0 | 9200 |
| Почтолук байланыш кызматын көрсөтүү | 22122400 | 0 | 0 | 24250 |
| Дагы башка байланыш кызматын көрсөтүү | 22122900 | 0 | 0 | 129200 |
| **Ижара акысы** | **2213** | **73000** | **73000** | **72700** |
| Имараттардын жана жайлардын ижарасы | 22131100 | 0 | 0 | 72700 |
| **Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр** | **2214** | **205000** | **281000** | **233698,88** |
| Бензин, дизель жана башка күйүүчү | 22141100 | 0 | 0 | 114196,88 |
| Запастык бөлүктөрдү алуу | 22141200 | 0 | 0 | 119502 |
| **Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу** | **2215** | **329500** | **299500** | **274349,82** |
| Маалымат технологияларынын | 22151400 | 0 | 0 | 119623 |
| Мамлекеттик кызматчыларды окутуу | 22153100 | 0 | 0 | 6200 |
| Өкүлчүлүк чыгашалары | 22154100 | 0 | 0 | 33229 |
| Бланктарды, значокторду даярдоо үчүн | 22154200 | 0 | 0 | 68242 |
| Маалыматтык-коммуникациялык | 22154300 | 0 | 0 | 7055,82 |
| Башка кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө | 22154900 | 0 | 0 | 40000 |
| **Учурдагы чарбалык максаттар үчүн** | **2222** | **91800** | **91800** | **89065** |
| Жабдууларды жана материалдарды сатып | 22221100 | 0 | 0 | 11500 |
| Учурдагы чарбалык максаттар үчүн башка | 22221200 | 0 | 0 | 77565 |
| **Коммуналдык кызматтар** | **2231** | **608000** | **979900** | **979900** |
| Сууга акы | 22311100 | 0 | 0 | 191056 |
| Электр энергиясына акы | 22311200 | 0 | 0 | 390000,78 |
| Жылуулук энергиясына акы | 22311300 | 0 | 0 | 398843,22 |
| **Машиналар жана камсыз кылуулар** | **3112** | **653200** | **653200** | **635440** |
| Эмеректерди алуу | 31123210 | 0 | 0 | 201745 |
| Кеңсе камсыз кылууларын алуу | 31123220 | 0 | 0 | 102000 |
| Компьютерлердин камсыз кылууларын | 31123230 | 0 | 0 | 331695 |
| **Учурдагы жалпы чыгымдар** | | **14152100** | **26249200** | **26153952,** |
| | | 0 | 0 | 0 |
| **Баардык чыгымдар** | | **14152100** | **26249200** | **26153952,** |